Скырг
И 85

ЭЛЬМИРА ИСАКОВА

# Жүрөктө катылган махабат



016
Скорр-
И85

ЭЛЬМИРА ИСАКОВА

# ЖҮРӨКТӨ КАТЫЛГАН МАХАБАТ



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Ош – 2019

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 482708

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 85

И 85 Исакова Э.А.
Жүрөктө катылган махабат. Ош, 2019

ISBN 978-9967-9220-3-7

Бул ырлар жыйнагында акындын поэмалары, махабат, сүйүү көркөм чыгармалары камтылган.

И 4702300200-19

ISBN 978-9967-9220-3-7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Исакова Э.А.
2019





*Өмүр кыска үлгүрөйүн баарына,*
*Унут болуп бир бурчунда калбаска.*
*Эсте калаар иш аткарам кичине,*
*Эстеп мени көз өткөндө унутпа.*

## СЕЗИМ СЫРЫ

Сүйбөймүн деп таамай айткан менен,
Сүрөтүңдү аянбай тыткан менен.
Сүйкүм элес сезимди бийлеп алган.
Сүңгүп барып жүрөгүм ээлеп калган.

Сыр бербей сыным бузбаган менен,
Сыйкырлап бир өзүңө алган белең.
Сыбызгып жан эргиткен музыкадай,
Сымаптай сен тарапка агып келем.

Сезимде бирде жаз гүл жайнаган,
Сен булбул гүл жытына кумарланган.
Сезимде күз алма, өрүк, алча бышкан,
Сен багбанчы мөмөсүн жыйып алган.

Сезимде кээде жай суу аңкыган,
Сен балык ал сууда эркин чабак урган.
Сезимде кышкы аяз, жан дүйнө
чыйрыктырган,
Сен отсуң жүрөккө нур тараткан.

Сезимдин гүл багында бүрдөгөн,
Сүйүү гүлүн асыраңыз абайлап.
Сезимиме сүйүү үронүн себиңиз,
Сезбей сезим гүлүм соолуп калбасын.
Бостон болуп алоолонуп жалындасын





## КУСАЛЫК

Көөдөнүмдү ээлеп алды кусалык,
Көңүл кыйбайт, кал дей албайм тушалып.
Кетсең дагы сен башкага жар болуп,
Унута албайм,сүйгөн экем шунчалык.

Кучагында сагынычтын, кусанын,
Сенден алыс, алыс кеттим узадым.
Мезгил баарын даарылайт дейт адамдар,
Мезгил өттү, дале эңсей кучагың.

Эңшерилип жүрөгүмдү кеттиң не?
Жүрөгүмдүн түбүнө сен жеттиң не?
Ак сүйүүмдүн тартып калдым азабын,
Оо жараткан, экинчи азап чектирбе!

*Москва.03.06.13*

## ЖАЛГЫЗ ӨЗҮҢ

Жамалы жары айдайым өзүң,
Жүрөгү аппак кардайым өзүң.
Ырымдын баарын арнаарым өзүң,
Жан биргем менин ардагым өзүң.

Жан үрөп жандай сүйөрүм өзүң,
Жалынсыз отко күйөрүм өзүң.
Жашоодо жалгыз түгөйүм өзүң,
Жалганда дайым күйөрүм өзүң.

Багыма менин түтөөрум өзүң,
агынып мени күтөөрүм өзүң.
Саамайым сылап, сүйөрум өзүң,
Жолумду карап күтөөрүм өзүң.

Учурган көккө канатым өзүң,
Ырдасам бүтпөс санатым өзүң.
Мойнума таккан тумарым өзүң,
Таркабас такыр кумарым өзүң.

## АСЫЛЫМ

Эңсөөнүн чеги жок беле,
Эңсөөдөн болдум от дене.
Эзүүгө салган жүрөктү,
Эреним сүйүЗүң ок беле?

Түндөрүм түпсүз караңгы,
Эчен таң сенсиз агарды.
Бир өзүң келип айыктыр,
Жүрөккө салган жараңды.

*Ош. 02.04.12*





## ИЛЯЗДЫН ЫРЫ

Тагдырдын жолу табышмак беле?
Табышуу анда жандырмак беле.
Тайгак жол ашып, из кууп анда,
Таалайым сага жетишмек белем.

Турмуштун жолу тунгуйук беле,
Тушалып анда биз журдук беле.
Туйлаган жүрөк умтулат алга,
Тагдырлаш жарым кайдасың эми?
Өмүрлүк жарым өзүңдү издеп,
Тянь-Шанды кечтим, Долонду аштым.
Элесиң таппай эсимден тандым,
Кайдасың Асел, Аселим, Асел.

Сүйүшкөн жүрөк аскадан эгиз,
Тянь-Шан өңдүү ак сүйүүм бийик.
Асканан кийик атпадым Асел,
Өзүңдү издеп таппадым Асел,
Кайдасың Асел, Аселим, Асел.

*Москва.17.03.2013*

## ТИРЕГИМ КИМ?

Жалт карасам жалтанып,
Жандап басчу жүрөгүм ким?
Жанчы болор ар убак,
Башын сайып намыска,
Арка болчу тирегим ким?

Эл сүрүнөн сүйүнүп сүрдүксөм,
Кубат болчу курдашым, сырдашым ким?
Оор жумуш аркалап иш баштасам ,
Алга сүрөп дайыма колдоочум ким?
Кубат болуп дилимди сурарым ким?

Даңазам ташты жарып турса дагы,
Жан кубат боло тургант зирегим ким?
Адашсам туман каптап туңгуюктап,
Басар жолум таппай калсам,
Колдон алып ак жолго баштаарым ким?

Издегеним табалбай кайсалассам,
Издегеним иликтеп табаарым ким?
Кубанганда кубаттап жандаарым ким?
Түнүм күндөй жарыса кубанаарым ким?
Баскан изге гүл жайнаса даңктаарым ким?

Түнү эмес күндүзү жылдыз көрсөм,
Туура келсе ар убак жылдыз төлгөөм.
Кубанып актыгымды даңктаарым ким?
Ар ишке колум урсам болсо жемиштүү,
Кубанып кубаттап тураарым ким?





Кыйналганда кыйшык карап,
Кытмыр күлүп табалар ким?
Канатымды капыстан кайрыр ким?
Кадамымды каттап турар ким?
Ак жолумдан азгырып алдар ким?

Боор этим эзилип жан жанчылса,
Жанчы боло турган бир боорум ким?
Сүйлүгөндө кубаттап колдоочум ким?
Баштаганда алдыга кадам таштап,
Бирге басчу жан жолдошум ким?

Өрүшкө өйдөлөсөм жөлөгүм ким?
Өйдөлөсөм бийиктеп бөлөгүм ким?
Өгөйлөтүп тагдырдан бөлгөнүм ким?
Өрүштөн бийиктесем коштоочум ким?
Өмүргө өзөк болчу тиригим ким?

Бул ким деп суроо салып катып турам,
Буулугуп бул жашоого жазып тунам.
Буркурап мечтен чыккан түтүн сымал,
Буюгуп бул-бул сымал ырды сунам.

*Москва. Ховрино 15.10.2013*

## АТАМ ИСАКОВ МАМАТКА

Турмушта дайым туу туткан атам,
Туйлатып жүрөк пир туткан атам.
Түйшүктө мени курчуткан атам,
Тагдырдан тапкан кызындан таазим.

Акылдын кенчи кеменгер атам,
үйүмдүн куту кээрилген атам.
Кемибей турун берилген батаң,
Тагдырдан тапкан кызыңдан таазим.

Өчүрбөй келген коломтом атам,
Мен үчүн мээнет короткон атам.
Кызыл эт кезден торолткон атам,
Тагдырдан тапкан кызындан таазим.

*Ош.02.03.09*

## АЯЛ

Аял көрдүм аял атка татыбас,
Аял эмес адам атка арзыбас.
Аруулуктан тазалыктан айрылган,
Адамдыктан эч бир сезим калбаган.

Аял көрдүм аял атын булгаган,
Эне эмес эл дештен да арданам.
Энелердин ыйык атын булгаган,
Ыйыктыгын, бийиктигин туйбаган.

*Ош.07.07.2012*





## СЫРДАШЫМ - АЙ

Күн батса кайра чыгат,
Таңга айланып куштар сайрап.
Турмуштун жаңы жолун улап,
Ар түнү кайра батат сырын катат.
Ар таңда кайра чыгып нурун чачат.

Ай шооласын чачат түндө,
Сырдашым Ай гана жалгыз түндө.
Ай батса кайра чыгат нурун тарап,
Коюу түндө кайра чыгат нур таратат.

Мен бир кербен, бир келген бул дүйнөгө,
Келгендин кетмейи бар мезгил жетсе.
Мен кетсем кайра келбейм бул ааламга,
Көк майсаң бир дөнсөөгө айланамын.
Алтын баш чым алдында тебеленип.

*Ош.04.12.2010*

## ЫР ЖАНА МЕН

Ыр жазаарда барагымдын бетине,
Туталандым, кусаландым, кыйналдым.
Шуру сымал тизе албай саптарын,
Чачырадым чагылгандай чачырап.

Ыр жазаарда барагымдын бетине,
Тун баламды күткөн сымал күтөмүн.
Өңдөн азып азаптанып жүдөдүм,
Буйдаланып булут сымал буйданып,
Көздө жашым жаздыгыма тып тамып.

Ыр жазаарда барагымдын бетине,
Көзгө элестеп сүйгөнүмдүн элеси.
Эң биринчи сүйүү катын алгансып,
Ак баракка сыйынгандай сыйпалайм.

Ыр жазаарда барагымдын бетине,
Көзгө элестеп баба-дыйкан элеси.
Маңдайынан тер агызып иштеген,
Дан жыттанган гүл жыттанган кең талаа,
Арык чаап суу агызган ал баба.

Ыр жазаарда барагымдын бетине,
Көзгө элестеп кең жайлоолор,
Төрт түлүктөп мал баккан,
Жылкычы чабан, саанчы жеңелер,
Сакмакчы жигит жаш селкилер.





Ыр жазаарда барагымдын бетине,
Кыл калемдин сыйкыр күчү сезилип,
Ыр саптары шуру сымал тизилип,
Калем мн бир денедей жуурулуп.

*Москва.Зеленеград шаары.12.12.2011*

## БУЛ ДҮЙНӨ СЫНОО

Бул дүйнө өзү жалган,
Булугуп жүрсөң арман.
Булуттай калкып учкан,
Бул аалам сындап турган.

Азгырып ар кыл сезим,
Арзууга арбалабыз аз-аздан.
Арабыз жакын туруп-туруп.
Алладан алыстайбыз дилди бузуп.

Дилдиреп турган дил баян,
Дилиңде дайым тазалык аян.
Дилиңди бузуп карартпа курбум,
Дилиңде дайым бир кудай турган.

Түйшүгүң түркүн дүнүйөң төгүн,
Түмөндөп турат байлыгың бүгүн.
Түбү жок дүйнөң түгөнөөр бир күн,
Тирүүлүк бүтүп түйшүгүң түгөп,
Түпкүргө түшүп суралар миң күн.
Акырет азап башталаар анан,

Аманат жандан айрылаар күнүң.
Адамдык парзды аткарган күнүң,
Аттиң деп арман кылаарбыз анда,
Айтылган парзды аткарбай жүргөн.

Аттиң ай билсем аманат жанды,
Алар күн келип Жебрейилге берген.
Адашып ак жолдон кечкен,
Адалды адал арамды арам,
Айтпаган көр "пенде" белек.

Башым бар туруп багымдат намаз,
Окубадым, уйкумду ачып суранбадым.
Бешенем жазып бешим намаз,
АстагфируЛлах дебедик асир,
Намазын такыр билбедик.

Шаан-шөкөт менен күн өттү,
Шам намаз десе билбедик,
Күн күлүңдөп уясына батканда,
Куптанга азан айтып чакырса,
Кудайдан тилеп куптан намаз окубадык.

Таң сүрүлүп аппак таң атканда,
Азан айтып Алланы эске салаганда.
Лаа илааха иллаЛлох деп,
Келимени миң каталап,
Аллах деп тасбих тартпадык.





Ачкычы деп нур бейиштин,
Калима менен ооз аччу энекем,
Намаз оку сен балам,
Орозо туткун жан балам,
Кавсар суусунан кандырар.

Жаңылбайлы оо пенделер,
Беш маал намаз окуйлу,
Калиманы жатка айтып,
Дилди таза суудай сактайлы.

Орозо парзын бузбайлы,
Орозо кармап суусайлы.
Алланын кавсар суусун самайлы,
Ал жеткенде ар пенде зекет берет,
Ажы пенделик парзын сактайлы.

Намаз окур пенденин,
Ниети таза мүрөктөй.
Намаз окур пенденин,
Тулку боюу таза чүрөктөй.

Күндө беш маал намазда,
Кулчулук кылсак кудай таалага.
Кут келет кутту үйүңө,
Бак конот алтын башыңа.
Кадыр сый болот өзүңө,
Бак келет уул-кызыңа.

*Ош. 07.02.2009*

## ШҮГҮРҮБҮЗ ЖОГОЛДУ

Кулу болдук Кудайдын,
Келмеси жок, зекети жок,
Кулу болдук Алланын,
Куттуу күндө намазы жок.

Кулу болдук Кудайдын,
Куттуу күндө бергенине шүгүрү жок.
Напси ырыскы бергенине шүгүрө жок,
Алла берген ырыскысын сезбеген.

Алла үчүн сооп издер пенде жок,
Салам берсең, алик алар киши жок.
Бир саламга он сооп жазылат,
Алик алсаң алда сага жазылат.

Алланын намай амал китебине,
Ар бир кылган ишиң жазылат.
Кут бейиштин жети эшиги,
Жакшы амалың менен ачылат.

Ниети оңолгон пенделердин,
Иши оңолот оң-оңдон.
Түшү оңолот күндөн күн,
Түшү оңолгондун иши оңолот.

Пейли оңолот оң жолго,
Кадыры өсөт оң солго.
Намаз парзын так аткарат,
Дааратыны таза сактайт.





Кулдук уруп кудайга,
Бергенине кылып каниет.
Тахажут окуп ар түндө,
Күтүп жума намазын.

Акдил болот ал пенде,
Адалдан таап жан багат.
Адалдан буйруйт тапканы.
Ак дилден жайып дастаркон,
Ак бата алып элинен,
Нур жүздүү болуп күн кечет.

*Ош.22.07.2009*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 482708

АБОНЕМЕНТ
Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана

## МОСКВАДАН КАЙТКАНДА

Сапар каарып кайтамын Мекениме,
Санааркап сагынычтан кусадан.
Сур булутту караймын чубалжыган,
Сумсайыңкы асман мелжип сүрүлгөн.

Сагынычтан кусадан өңдөн азып,
Самап сансыз жылдызды да кыргызды.
Асман  мелжип тирешкен тоолорумду,
Арча жытын, ата-энем элестерин.

Учакка чыгам шашып шагдам,
Элирип элеп желеп эт жүрөгүм.
Энемдин элестери көзгө элестеп,
Атамдын ак кар тоодой калпагы да,
Ак сакалы жайкалган элестери.

Учагым көтөрүлүп жерден көккө,
Ак булутту аралап бара жатат.
Армандарды артка таштап,
Ата-журтка күүлөп канат.

Аттиң арман бул ааламда жогуңар,
Сапардан сагынып самап барсам.
Аман келген кызыңарга кубанганга,
Суу айлантып башымдан чачпайт апам,
Ак сакалын жайкалтып күтпөйт атам.





Апаң келди байсалдуу сапарынан,
Небересин эркелетип сүйбөйт апам.
Айланайын кызым деп кубанып,
Бешенемден сүйбөйт асыл атам.
Дүйнөнү чаркайлатып тапкыс адам.

Кыргыздын салтын наркын сактап,
Жамакдыкка амандык тилеп.
Ак-сары башыл садака чачпайт атам.
Ак дастаркон кең жайып,
Жети нанын элине бербейт апам.

Атам жатат бир дөңсөөгө айланып,
Алкап берип батасын атакемдей.
Ордун басар мекенимде кимим бар?
Аркаларым аска-тоодой кимим бар?

Апам жатат бир дөңсөөгө айланып,
Аманым тилеп кубанып ар убак.
Апакемдей мээрим төгөр кимим бар?
Мекенимде мээрим көлдөй мээрбаным.

*Москва. Зеленеград 04.04.2013*

## БЕЛЕК

Энчиме менин берилген багым бар беле,
Же тагдыр менде өчөшкөн кегиң кайсы эле?
Тырмактай кезден тырмышып келем,
Түйшүктү тагдыр энчиме берген белегиң.

Бүр ачып жазда дарактар гүлдөйт,
Булбулдар сайрап бакчаны көрктөйт.
Булбулдай сайрап, буулуккан бугум жазайын,
Буйдалган өмүр арманын ырга салайын.

Балалык өткөн бактылуу күндөр,
Аксайды бойлоп, балыктай чабак урганмын.
Бүлдүркөн терип кыздарга далай сунганмын,
Бой керип бир аз кыз жандап калган курагым.

Кекилик уулап тоо койнун кезип,
Улардын үнүн угууга кулак сунганмын.
Уйпалап жашыл туланды,күрөшүп ойноп,
Уландык кездин жыргалын сезип жыргайбыз.

Он беште менин курагым, оттой жанган убагым.
Кыз жандап сүйүүнүн балын татаарда,
Шумдуктуу кабар капыстан угуп калганмын.
Бакма уул экем атам деп жүргөн адамга.





Ошол күн бүттү, балалык менен коштоштум,
Сүйүшүп сүйүп, жүрүүнүн баарын токтоттум.
Атаман элем балдарга кааласам тизип катар,
Он беште курагым, отузга заматта алмаштым.

Өзүмдөн өзүм кичирейип, угулуп калса балдарга,
Кандай жан болом мен андайда.
Баалары баары беш эле, эже-агайга сүймөнчүк,
Сүймөнчүк кыздарга, каттарын алгам канча.

Капыстан уккан укмуштуу ушул кабарга,
Кайсалап калдым кошулбай өзүм катарга.
Эрээркеп кээде, эркелеп алчум энеме,
Эзилип жүргөн энеме бет келе албай.

Тайсалдап качам караанымы үзүп алыстап,
Мүнөзүң калды өзгөрүп, агайым сурайт көшөрүп.
Бара албай шаан-шөкөткө жалгыздап,
Булакка барып сырымды айтып ыйладым.

Эрте кетип кеч келип, караанымы үйдөн көрүнбөй,
Энемди көпкө кыйнадым да, зылдадым.
Энекем зыркырап булактан таап өзүмдү,
Арманын айтып, тагдырын мага сөздөдү.

Тилегим менин таш капты балам,
Ташбоор тагдыр атаңды алып кетти.
Он беш күн өттү төрөлдүң балам,
Атакең сенин караанын көрбөй кетти.

Белегим болдуң, тагдырдан да атаңдан.
Белек деп атың коюлган анан.
Байбиче энем сөз баштап аста,
Көз жашын төктү көөдөндө калган.

Ошондогу жыйырма беш жаш курагым,
Бактым өзүм сүймөчүгүм, чырагым.
Тагдырымдын өчпөс жаркын жылдызы,
Белегимсин тагдырдан да атаңдан.

*Москва.Зеленеград.*

## МИССИЯ

Жер үстүндө түгөнөөрдө миссиям,
Туулган жердин тузун татып,
Турпагына турсам экен жуурулуп.

Аттанарда кетсе келбес сапарда,
Баары бекер текке кетти дебестен,
Нускалуу сөз из калтырсам артымдан.

Келмемди айтып шүгүр айтам Аллага,
Улуулардын улуу жолун уласам,
Урпактарга улай турган из салсам.

*Москва.2014*





## ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Өлбөөчүдөй чиренип баскан менен,
Өлүм ак деп моюнум сунуп келем.
Өлбөөчүдөй сездирген жалган дүйнө,
Арбалабыз аз-аздан азгырылып.

Жалган жашоо ыргагы ынандырып,
Жалгандыгы ушулда арбап турат.
Кумар канбай артынан сая кубат,
Азгырылып ак жолдон адаштырат.

Туура жолду тумандап түтүн каптап,
Тамекинин ачуу уусу алкым буат.
Шарап тээп күн түнү кумар канбай,
Адашкан бар соо туруп дүйнө көрбөй.

## ЭНЕ БЕЙИТ ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ЫР. МИНУРАНЫН АРМАНЫ

Сен чоң дайра Найман көлгө куярсың,
Арманымды суудай таза жуаарсың.
Суудан балык сууң неге шор десе,
Минуранын көз жашы деп койоорсуң.

Көп ичинде энесини жоготкон,
Көлдөй толкун көөдөнүнү бошоткон.
Көз жашыны ушул бойдон жоготкон,
Минура! Минура деп койоорсуң.

*Ош. 04.04.2014*

## ТАЛАНТ

Ырлар жазсам ырахатка батамын,
Ырлар менен жашап жыргал табамын.
Ырлар менин жанеригим, жыргалым.
Ырларымда өмүр сүрүп жашаймын.

Ырларымда кыргызымдын белестери,
Ырларымда ата-энемдин элестери.
Ырга айланган арманымда, жыргалым,
Ыймандай сыр, ырларымда ачылат.

Ыйга айланып ырахаттуу өмүрүм,
Аттанарда келсе келбес сапарга.
Оо Жараткан, күнөө дебе,
Өзүң берген табияттан талантка.

Ырларымда жазып келем даңкыңды,
Токсон тогуз ысымыңды жараткан,
Каным менен кошо берген таланттан,
Сенин ысмың даңктап аз ыр жаратсам,
Күнөө дебе кагылайын  жараткан.

Ырларымда жалган жашоо ыргагына эсирсем,
Пенделиктин жыргалына берилсем.
Келген жандын кетмейини унутуп,
Түбөлүктүү өзүңө шек келтирсем,
Кечир Кудай ырларыма берилсем.

*Москва.22.01.2014*





## ТАҢ БУЛБУЛУМ

Мен бир булбул тандан туруп сайраган,
Сен бир бакча гүлүн ачып жайнаган.
Шүүдүрүмдүн тамчыларын таратпай,
Булбул ырын тамчы суудай тыңдаган.

Булбул сайрайт махабаттын дастанын,
Сен угуучу булбул куштун арманын.
Сездин бекен бул дүйнөнүн жалганын,
Сездин бекен махабаттын арманын

Сен менүчүн атпай калгын ак таңым,
Бүтпөйт калган махабаттай дастаным.
Ак барака жазылбаган ыр сабым,
Жашоодогу менин бүтпөс дастаным.

*Москва.Ховрино шаары.26.06.2014*

## ОШ ШААРЫМ

Ош шаарым гүлдөгөн мекеним,
Гүлзарың сагынып кетемин.
Сулайман пайгамбар жердеген,
Айланам Ыйык-Тоо жерге мен.

Сиңирип кылымдын тарыхын,
Ыйык-Тоо күбөсү тарыхтын.
Бабалар баскан жол менен,
Бара бер кыргызым, жол кенен.

*Москва.02.06.2013*

## ТАГДЫР ТАШЫ

Тагдыр ташы таразасы бир болуп,
Таалай кошту тагдырыбыз бир болуп.
Жүрөк кургур жүдөп бүтүү кир болуп,
Сүйө албадым сен сүйгөндөй от болуп.

Мерез беле ушунчалык жүрөгүм,
Сүйө албадым сени чындап түгөйүм.
Тагдыр ташы таразасы бир болуп,
Пенделиктин чын сыноосун көтөрдүм.

Тагдыр ташын бирге болуп калчадык,
Бир кайыкта калак болуп айдадык.
Бир турмуштун тагдырына баш ийип,
Кете албадык коломтого от жагып.

*Москва.25.12.2014*

## БАРАТАМ САПАРДА

Мен дагы катарда, баратам сапарда,
Кошулуп бактылуулар арасында.
Максатым из калтыруу тарыхтын барагында,
Муундан-муунга өрнөктүү өмүр калсын.

Жашоонун мыйзамы перзент тапмак,
Кызым бар кылымдарга муунду улаар.
Уулум бар урпактарын улап тураар,
Үйүмдүн куту турмуш босогосу,
Жашоомдун жарык өчпөс жылдыз тураар.





## АДАШКАН ЖАНГА

Текебер басып кеткенсиң анда,
Күдөөрүм үзүп калса да көңүл.
Күтөмүн сени балдардын бакты,
Эртиби кечки эшигим кагып.

Келээриң сезем балдардын тагы,
Адашып жолдон калдыңбы кайра.
Аттиң ай дүйнө табалбай айла,
Адашкан бойдон калдыкбы кайра.

Аттиң арман бул дүйно тегерек,
Кимдер эми сага тең келет.
Адашып үйүрүнөн кеткен жылкы,
Үйүрүнө ай айланбай келет кайра.

Адашып өз бүлөөңдөн кеткен элең,
Үйбүлөө баркын билбейт белең.
Үйүңдүн кутун кетирип кайра,
Үйүңдү издеп тапканга таппадың айла.

Кадыр көңүл келишип табышпадык,
Кайра жылдыз бир жанып жанашпадык.
Кайран жашты эскерип эстешпедик,
Кайрылбай өтчүү өмүрдө кездешпедик.

*09.05.2012*

## АРМАНЫМ, АСЫЛЫМ АПА

Кожолор баскан жерлигим энем,
Кең жайлоо төрлүү Төлөйкөн калды.
Желеде байлоо кулунуң калды,
Жетилип өскөн Баргыбай калды.

Ак жоолук баштан түштүбү апа?
Арманың абдан күчтүүбү апа?
Асылган дартың алдыбы апа?
Айтылбай арман калдыбы апа?

Кыр-кырда баскан кыялың калды,
Кызырап өскөн Уркуяң калды.
Бел ашып баскан белесиң калды,
Бой жете өскөн Бактыгүл калды.

Толгонуп баскан тоолоруң калды,
Толукшуп жүрчүү тең тушуң калды.
Аярлап басчуу айылың калды,
Түбөлүк дешчүү түгөйүң калды.

*Москва. 17.05.2016*





## А ЖҮРӨК КАРТАЙБАПТЫР

Мосвка Тивер электричкасын күтүп турам,
Кимдир бирөө карегин кадап мени карайт.
Сеземин кай бир жандын каректери,
Жылуу сезим мээрим менен тиктеп турат.

Мен эңсеп мен күткөндөй жан экенсиң,
А бирок мен башкага жар билээрсиң.
Имерчиктеп караймын кайра кайра,
Бир кезде бирге жүргөн жакынындай.

Уялап жылуу сезим жүрөгүмдү,
Караймын үмүт үзбөй мен өзүңдү.
Атың ким дайының ким билбейм деле,
А бирок жылуу сезим, сен тарапка имерчиктейм.

Турамын Москванын Казан деген вокзалында,
Ой басып көпкөө турдум бир орунда,
Карегиң уурданып улам карап мен тарапка,
Сен турдуң кете албай менден алыс.

Акырын жандай басып жакын келип,
Сен ошол мени эңсеп күткөн гүлүмсүңбү?
Капыстан атымды атап салам бердиң,
Чачырап сан миң ойго жетелендим.

Атымды айтпай дайыма гүлүм дечү,
Көздөрүң мага карап күлмүңдөөчү.
Гүлдөрдүн гүлүн тандап сүйдүм дечү,

Бакытым өзүң менен бүтүн дээр элең.
Качанкы унута албай азап чеккен,
Алгачкы махабатым өзүң белең?
Тарыхтын барагындай артта калган,
Саргарып күздө түшкөн жалбырактай.

Турмуштун кайчылашкан жолдорунда,
Кезигиштик капысынан мына кайра.
Мен кеттим Тибер көздөй ойго бата,
Сен калдың бир ордунда таштай ката.

Өтүптүр арабыздан отуз беш жыл,
А жүрөк унутпаптыр жанылбаптыр.
Жүздөрдү тырыш басып картайсакта,
А жүрөк ошол бойдон картайбаптыр.

А жүрөк ошол бойдон картайбаптыр.

*Москва.25.02.2016*





## ЭЖЕ ЖОЛУ СИҢДИГЕ

Көпөлөктү кууп ойноп жете албай,
Түшүнбөймүн не экенин биле албай.
А эжекем түшүндүрүп айткансың.
Бул көпөлөк дайым учуп көкөлөп.

Кызгалдактын не экенин биле албай,
Турган кезде мен жанынан кететалбай.
Өзүң келип эң назик гүл кызгалдак,
Терүү керек колго кармап абайлап.

Айткандарың дале эсимден кете элек,
Жүрчүү элең дайым колдон жетелеп.
Сиз менен мен аалам кездик айланып,
Дүйнө сырын тушундуруп чечмелеп.

Жоогазындай калган кезде күлпүрүп,
Кыялдарым алып учуп алоо от болуп.
Ал да неден жүрөгүм ай шок согуп,
Улуу сезим сүйүү дедиң билдирип.

*Москва25.12.2015*

## ДОСКО ТААРЫНЫЧ

Ооруду көнүлүм сенден,
Калгансын аман селден.
Каптадың капысынан милдет деп,
Кылганмын сен үчүн көп иштеп.

Муздады жүрөгүм сенден,
Муз тонгон аскадай кат-каттап.
Муз жүрөк күндө сыздайт,
Кан досту жоктоп кыйнайт.

Сыр сандык болдуң катылган,
Сырларың ичке жашырган.
Сыйлашкан досум жок болуп,
Сынашып калдың аңдышкан.

Биз достуктун көтөргөндө байрагын,
Бүкөнтайлар шакентайлар жок эле.
Болбосту болдурганбыз бир басып,
Бутпосту бүтүргөнбүз жемиштүү.

Жоолуккан кезде экообүз дос,
Кирсиз аппак шайдай элең.
Шайырдай элең шарактап,
Сыр катпай ичке ачылган.

Кармашып колду билектен,
Эмгеке кирдик жүрөктөн.
Эзилип иштеп эрте кеч,
Шаңдуу да шаңсыз күн өткөн.





Дүнүйө мүлккө мас досум,
Жакындарга кас досум.
Ашташ досуң көбөйдү,
Талкан достон бат кечип.

Адашпа аппак жолуңдан,
Алданба бал тилдүү касыңа.
Азгырып алып барат сени жарга,
Азапта калба жападан жалгыз.

Акчанын түрү көп болот дос,
Доллордун түсү көк болот дос.
Издесең тапкыс кан досун,
Эвро сунсаңда жок болот дос.

Акчага сатылбай андай,
Базарда бааланбай калгандай.
Баа баркың кетирбе анчалык,
Баркташып кадырлашып калалык.

Турмуш өзү чалкып жаткан көк деңиз,
Калагы жок кайыктай чөгүп кетип жок болбо.
Ойлонолу бүгүнкү күн эртең кеч болот,
Таң атса эки миң он үч болот.

*Москва.29.12.2013*

## ОПЕРАЦИЯГА КИРЕРДА

Энемдей мээрим төккөн күндүн нуру,
Түркүн куш кубулжутуп үнүн кошкон.
Кутман таң мен өзүндү тостомунбу,
Же түбөлүк келбес жайга кетеминби.

Бейпил түн мен өзүңдү тостомунбу,
Сутактын үнүн баспай сайраганын,
Сайнектин тээ алыстан үн салганын,
Сүйүүнүн даңазалап өлбөстүгүн түн күзөтүп.

Көктөм жаз мен өзүңдү көрөмүнбү,
Көк майсаң жашыл килем жамынганын.
Байчечек гүлүн ачып жашыл жазда,
Кыз сындуу кызгалдактын ачылганын.

Коңур күз мен өзүңдү көрөмүнбү,
Алма өрүк, алча бышкан берекелүү.

***

Арышым алга керип улаарымда,
Айыкпас оору берип онтотпочу.
Жарышта байге жиреп чыгаарымда,
Тулпардай туйлап жүрөк алга умтулса.
Тулпардай ташыркатып байгеден кур калтырбачы.
Туурумдан адаштырып, жүрөгүм жаралаба,

Жазыксыз жаш жанымдан оорудан санаркатпа.
Ыр чубап жазаарымды, элиме сунаарымда,





Ээси жок эски тамдай, жан дүйнөм тонобочу,
Баш аяк жыйналбаган ыр болуп жазылбаган
Көөдөндө ырларым жазылаар дастандар бар,

Оорудан онтотпочу, көз нурум мокотпочу.
Буулуккан журөк черин жазаарымда,
От болуп жалындап жанарымда
Булактай чоң дайрага кошулаарда.
Кышкы аяз тереземди черткилейби,
Аппапак ак карларга изим калып.

*2017-жыл 20-июнь*

## ЖАЗ КЕЛДИ

Жаз жамгырын төгүп өттү,
Күн көрүнүп ачты көрктү.
Таза аба салкын желде,
Жээлигип желдей учуп.

Ээликкен ойлор келет,
Элирип учкан куштай.
Кош канат жайып көккө,
Эн эрким учукум келет.

Жазгы жел сылап беттен,
Жаз менен кошо келген.
Жагымдуу күү чертилип,
Жаралып жагымдуу жаны муза.

*Москва 06.03.2016*

## УЛУУ СЕЗИМ

Отуз бирде улуу сезип өзүмдү,
Кеч жолуккан бакытымдан кечипмин.
Көзүн жаштап жалынса да миң ирет,
Улуу сезим уятынан жеңилдим.

Сезимдерим гүлдөп турган отуз бир,
Жүрөгүмдө ыр бүрдөгөн отуз бир.
Жан шеригим сырым билген ичимден,
Сыйкыр сындуу бир сырдашым кыл калем.

Бакыт шаары балдарымдын күлкүсү,
Сүйүү шаары балдарымдын сүйүүсү.
Бир жүрөккө эки сүйүү сыйбаган,
Балдарыма бүт өмүрүм арнагам.

Беш шаарымдын дарбазасы алтындан,
Жылдыз толгон асманы да жашылдан.
Күнү нурлуу айдан жарык жылдызы,
Айы күндөй түнү нурлуу сүттөн ак.





## САГЫНЫЧ

Сагынсаң сен тарапка баратамын
Кызылдан көйнөк алганмын.
Кызгансаң башкалардан мени аяп,
Жүзүмө ак төр тартып алгамын.

Кусалуу капалыгың жазайын,
Көөдөндө көлкүлдөгөн сагынычты.
Көмүскө ичке жутуп кусаланбай,
Көксөткөн көңүл черин жазалы.

Сүйүүнү даңазалап айталы,
Жымыңдап көктө жанган жылдыздардай,
Жарыгыбызды экөөбүз чачалычы,
Махабат дастандарын жазалычы.

## АЛАКАНДАЙ АЙЛЫМ БАР

Турсун туурум мекен чеби бек,
Кутман элим намысыңды алдырба.
Жигиттериң сага турсун чеп болуп,
А мен болсом бир үрөнү бул элдин.

Билим баркын билген уулуң, Өмүрзак.
Билимкана ачып берди элине,
Ислам баркын билген уулуң Өмүрзак,
Илимкана ачып берди жериңе.

Алакандай Ата журтту аркалап,
Спикер да чыккан ушул айылдан.
Айтибайды тоодой топук туталы,
Сыймыгыбыз сыйлашалы акыл оюн угалы.

Ата журтту пир туткан Төрөбай,
Батырбек чыккан айылдан.
Абдыштын жолун улаган,
Курсан, Шайырбек бар айылдан.

Санап өтсөң сан жеткис,
Эр азамат уулдарына.
Агаларын көрүп өскөн инилери,
Намыска бек Кара-Таштын жигиттери

*2009-жыл, 26-апрель*





## ЖҮРӨКТӨ КАТЫЛГАН МАХАБАТ

Кадалып көздөр көздөргө,
Суктанып турат эки жаш.
Көздөрүн көрүп жытташып,
Көңүлгө каткан сырды ачып.
Көшүлүп жаны жай алып,

Айтылбай сөздөр калбады,
Алты аркар жылдыз батканча.
Ашыктык сөздөр айтылып,
Армансыз жүрөк жазылып.

Алмашкыс жаным өзүңсүн,
Аздектеп жүргөн жүрөгүм.
Арзып бир сүйүп жүрөмүн,
Абайлап жүргүн сүйүүмдү.

Агарып таң атканча,
Ай күбө суйуу дастанга.
Антташып жатса эки ашык,
Түн күбө сырын бүт катып.

Жумуру мойнуң жыттасам,
Койнуңда жатып уктасам.
Алкымың сүйүп аймалап,
Жаныңда жүрүп жыргасам.

Түш сымал жооруп оюмду,
Койнуңда кооптонуп.
Көз ачуудан коркомун.
Көшүлүп барып ойгоном.

Айкашып жатса эки ашык,
Ай турат көктө суктанып.
Алмашып жатса эки ашык,
Асмандан жылдыз сыр катып.

Шерттешип жатса эки ашык,
Жымындай жылдыз сыр катып.
Кош айтып жигит жол улайт,
Кайыштан курун бек курчап.

**Жигит**

Кош жаным эми кошкун дейт,
Белиңе бекем буугун дейт.
Арбашар ар кыл адамдар,
Алдыңда жолуң татаал дейт.

**Жигит**

Төрөсөң уул перзентиң,
Союзбек койгун ысмыны.
Төрөсөң кыз перзентиң,
Зулайка койгун ысымын,

Уулуң жолго басканда,
Собол сурап салганда.
Атакем ким деп сураса,
Атакең сенин Өкүмөт.





Эгер болсо кыз бала,
Созолоп обон салганда.
Өкүмөт атаң бар дегин.
Өлбөй турган жан дегин.

Арышым эми улайын,
Алдыга баса турайын.
Айтылбай сырың калбасын,
Айтчы жаным ынагым.

**Кыз**

Эзилип ойлоп кыйналба,
Эңшерилип сузтартпа.
Этегим жанга ачпасмын,
Айтууга мажбур кылса да.

Шерттешкен шертке ай күбө,
Шертимди дайым сактаймын.
Шар аккан сууну бойлосом,
Шерим деп сени мактаймын.

Антташкан түндө ай күбө,
Антыңды сенин сактаймын.
Арбашкан ар кыл жигитке,
Алмашып сени албаймын.

Айкалышып эки ашык,
Алкымдан сүйүп жытташты.
Арбалып туруп бир азга,
Андан кийин таркашты.

Эки ашык кетти таркашып,
Таркабай кумар көңүлдөн.
Ачылбай канча сыр калды,
Ырдалбай канча ыр калды.

**Кыз**

Жылдызы жок түн көрккүз,
Сүйүүсүз эми күн көрксүз.
Өзүңсүз өткөн күн көрксүз,
Сүйүүсүз айлуу түн көрксүз.

Күндөн күнгө күн өтүп,
Күн кубалап ай өтүп.
Ай мезгили толгондо,
Тогуз ай тогуз күн болгондо.

Бели башы тыз этип,
Маңдайынан тер кетип.
Өйдө төмөн толгонуп,
Толгоо келди онтотуп.

Балканактай бала экен,
Урпак улар уул экен.
Атасы кайда айткылачы,
Сүйүнчүсүн бар бекен?

Суурулуп чыгып тобунан,
Сулууча келин кеп сурайт.
Ачыгын айтчы кызбийке,
Атасы кайда болду экен.





Жанында жакын жүрсө да,
Антыны келин бузган жок.
Сабалып жаны жанчылса,
Шертини келин бузган жок.
Айтайын жеңе (ачык) сырымды,
Атасы алыс сапар жолдо эле,

Партия жумшап алыска,
Кыргыздан бөтөн журтта эле.
Өкүмөт берип тапшырма,
Өлкөдөн бөтөн журтта эле.

**Жигит**

Балалуу болуп кубанып,
Ата элем деп айта албай.
Айласын таппай калды эми.
Элине жентек чачалбай,

Ойлоп-ойлоп ой толгоп ,
Оюн топтоп боолголоп.
Шар басып жетип келалбай,
Антыны жигит бузган жок.

Өзөгү жанып өрт болуп,
Көздөрү күйүп от болуп.
Уулум деп колго алалбай,
Ата элем деп айта албай.

Өкүмөт ата атынан,
Түрлөп белек камдатты.
Берилсин элге жентек,

Уул элге керек дейт,
Өкүл кошуп кыз үйүнө узатты.

Тамаша шаан шөкөт, тамаша
Жентек тоюу башталды.
Уул аты Союзбек,
Эл бата берип жайкалды.

*Ош. 26.03.09.*





## БАЗАРГҮЛДҮ ЭСКЕРҮҮ

Издеймин адамдардын арасынан,
Куткарчы жалгыздыктын азабынан,
Оорул турам жүрөгүмө муң толуп,
Көздөн учкан карааныңа зар болуп.
Баштагыдай шанкылдаган күлкүм жок,
Араң сүйлөп, үнүм чыкпай буулугам.

Түшкө кирип бейиштеги ур кызы,
Бал сүт алтын аккан суулары
Кавхар, жакут, алтындан бүткөн сарайы
Жетмиш кыз оңдон солдон жандаган
Ур кыздарды жетмиш парда тартылган
Дүйнөнүн жети түстүү боектору көрдүңбү

Чындыгынан жалганы көп бул дүйнөнү.
Алмаштыңбы нур бейишке бак кушуң,
Өмүрүмдүн өзөгү элең бир борум,
Колумдагы билегим таңдайдагы тилим.
Мээрим көлүм акыл кенчим зирегим,

Мырзадай уул, кыз Сайкалдай кыздарың
Өзүң сындуу өмүр көчүң улантаар
Өмүр бою билем издеп таппасым
Көз өткөнчө сен мен үчүн армансың,
Сенде болчу атакемдин элеси.
Сенде барда энекемдин мээрими,

Түшкө кирип үмүт берчи жашоого,
Түш сыяктуу жоготууга ишенбей,
Өмүр көчүм мындан ары улайын
Аллахымдын өкүмүнө баш ийип
Бир өзүңө бейиштен жай сурайын,
Нур бейиштин төрүндө бол бир боорум.

Сени издеймин тирүүлүктүн айлынан.









**«ЭНЕ БЕЙИТ»**

***(1981-жылы болгон окуя)***

Күнүмдүк турмуш тиричилик менен алектенип Минура эртең менен Алинаны балдар бакчасына жеткирип, андан соң Мирбекти мектебине жеткирип, шашылып жүрүп комбинатка жумушка барат.

Акыркы күндөрү негедир көңүлсүз. Дарак бүчүр байлап, өрүк гүлдөп, айлана өтө кооз, жашыл килем жамынгандай. Шаардын четиндеги бульварлардын көркү ачылып адам үзүлбөй, неберелерин ээрчиткен кары-картаңдар, ата-энелер балдарын сейил бактан эс алдырып жүрүшөт. Кыз жигиттер кыналышып, үн алышып, сайраган куштардын үнүнө кулак төшөп, ар кимиси өз ойлору менен алектенип басып жүрүшөт. Минура жаз келип, эски дарты козуп, жүрөгүнүн ооруганы көбөйүп, дартын кимге айтаарын билбей, балдарынын жаштыгына өкүнөт. Анысы аз келгенсип акыркы ирет айылга баргандагысын эстейт. Бир жылда бир, алты айда бир, барса да жакшы тосуп албай, эшигине кагылып зулпу бардык жогу коюлган кулпу. Үйлөрүн көрүп ичи туз куйгандай ачышкан. Эшигинин алдында баягы жылдары энесинин тирүүсүндө Гулнар жеңенин жасаган гүлчөтайдын даамы али эсинде, андан кийин өзгөн күрүчүндө басылган палоонун буусу булоолоп Райис жана бир топ атка минерлер келишти, райисти көрүп приемник жигиттер, "Биз аш жебейбиз, биз ушундай эле кайтабыз" деп тайсалдап калышты. Кирип бараткан Райис "Киргиле, жигиттер, чайканага аш жесеңер дагы Шарапат жеңенин ашындай ашты эч жерден жей албасыңар, деп ичкери кирип кетти. Бир аздан соң Ныязалы ака келип, "И келин, дагы тойбу?. Сен бар үчүн бул үйдө дайыма бир казанда май, бир казанында эт кайнайтта. Сарайга келсем аларга чай берген экенсиң. Райисте ишим бар эле, туптуура келе бердим. И, баса жолдошуң кайда?

- Ал бир жумуштар менен кеткен эле.

- Анын кызык неме, эч жерде иштебейт, эч качан бошобойт, баарына өзүн үлгүрөсүң, түзүк, түзүк.

- Минура, абаңдын колуна суу куй!

- "Минура чоң кыз болуп калган тура, өмүрлүү бол, айланайын,"- үйгө кирип, жайнаган дасторконго тегеренип отурушту. Кыргызбай райис – "Ныязалы бул келинге тамеки бербей эле, чайхана ачып бербейсиңерби",

- Кыргызбай Айтиевич аны бул бригадирден сураңыз. Анда бригадир жеңеси ашты эле эмес, тамекини да палоо баскандай гектар, гектар алып, пландан ашыкча аткаратта. Анда силер иш учурунда палоо демдеп бергенине эмне кыласыңар?

- Биз эч нерсе деле кылбайбыз, жеңем өзү меймандос колу ачык жайыл дасторкон. Аңгыча апамдын палоосу табактарга салынып этин басып, аксакалына карап, тартылып жатты. Салааларынан майын агызып, жеп ичишип чыгып баратып,

Кыргызбай райис " жене чоң ырахмат кийинкиде каражатын өзүм алып келемин"-деп баары узап кетти. Акырында Ныязалы абам калып, "Минура, кызым, апаңардын ушул касиетин баалап, үйрөнүп калгыла, мындай аялдар чанда жаралат, келин рахмат балдарың бактылуу болсун!".

Ойлорун уланта берет беле, ким билет, көзү караңгылашып, башы айланып жанындагы кемпир:

-"Айланайын балам, бир жериң ооруп турабы, өңүң бир кызыктай болуп баратат"-деми кысылып, колун жүрөк тушуна коюп, кемпирге жалооруй карап,

-"Эне, жүрөгүм, жүрөгүм"-деп бульвар четин-деги отургучка араң жетип отурду.

Сумкасын ачып, валерианканы тилинин асты-на салып, көктү карап бир аз туруп, "Ох, жаным",-жанындагы кемпир анын суз абалына карап:

"Айланайын балам, он гүлүңдөн бир гүлүң ачыла элек туруп силердин жүрөгүңөргө эмне мынча күч келди?"

-Ээ, энеке, жүрөгүм өзү начар, көп ооруймун.

-Кой, айланайын, дарылан догдурга бар.

-Эх андай кайда, балдарым жаш, таштаганга эч ким жок.

-Кой антпе, айылга ата-энене алып бар, дарылан бүткөндө алып келесиң.

Кемпир Минуранын жарасына туз сээп койду, ата-энеңе дегенде толуп. Сызылып көзүнөн жаш агып кетти.

-Кош, энеке, рахмат!





Минура ордунан туруп, Ак-Буура дарыясын бойлоп аста секин баратты. Көпкө барып өзүнө келип теребелге көз чаптырып, кечки салкын абада үн алышкан куштардын үнүн тыңдап, кызарып батып бараткан күндүн кыпкызыл нурларына суктанып, туптунук арыктын суусуна жүзүн чайып, кечки таза абадан кере-кере жутуп, үйүн көздөй жол алды. Үйүнө келгенде эки баласы чурулдап тосуп алышты.

-Апа, эмне жумушта агай урuштубу? Сабакты билбей калып, алып калдыбы?- Мирбек сурап калды.

Ошондо гана Минура абалын сезип – жок балам, бир аз иштер менен кармалып калдым.

Ашканага кирип, кечки тамакты даярдап жатып, жүрөгү дагы бир кармап барып жазылды.

-Оо кудай бир аз пурсат бере көр, бул эки чүрпөмдү кантем. Менден башка эч кимге керeги жок. Атасына керек болбогон балдар, тага журтка тайатага кайдан керек болсун"-деп терезенин форточкасын ачып, өзүн өзү растап жатты. Аңгыча: "Апа, айылга качан барабыз, каникулда баары айылга тайата-тайэнесиникине жайлоого барышат экен. Биз да барабыз ээ? Апа, барабыз ээ?"

Ооба, барасыңар. Сабак жаз балам.

Тамактан кийин баары жатты. Минура жүрөгүн мыкчып көпкө жатып, үч-төрттөр чамасында уктап кетти. Түшүндө апасын көрдү. Көптөн бери түшүнө да кирбей койгон эле. Бир чоң көл, көлдүн тереңдиги анын суусунун тунуктугун айтпай эле

коеюн, сөз менен айтып жеткире албай турган кооз экен. Көлдүн үстүндө жалгыз кайык, кайыкты кимдир бирөө айдап алган, бирок көзгө көрүнбөйт. Кайыкта апаппак кийим кийинип, мойнуна аппак пухтан моюнча салынып, Минураны карап апасы келе жатат. Көлдүн жээгинде Минура турган апасын көргөндө көөдөнү көлкүлдөп, бошошуп:

-Апа, ардагым апам, сиз келдиңизби, мен сизди өлүп калды деп, эч качан көрбөймүн деп кыйналып жүрбөймүнбү?".

-Мен келдим Минура, сен эмне айылга барбай койдуң?

-Апа, мен айылга барсам бардык жагын кулпулап алышкан.

-Минура, мен сага канчалаган сырымды ачпадым беле, үйүн кулпуласа да, мен баскан турган жерлерди кулпулай алышпайт. Экөөбүз эккен бак түбүнө барып, сейилдеп араласаң, кусалыктан арыласың. Сен ошолордун алтын чынжырысың. Аралыкты алыстатпа. Кош бол, кош!

-Апа, кетпечи, кетпечи мен сизди сагындым, апа-апа-апа"- деп жатып ойгонуп кетти. Көөдөнү бошоп, энтигип калыптыр. Туруп бир стакан суу жутуп, куран окуп, дуба кылып, саат алтылар болуп, таң пардасын куштар сайрап ачып жатышкан, терезесин ачып, денесиндеги майда калтырактын токтошун күтүп, төшөгүнө кайра жаталбады. Алыстан аэропорттон алыскы рейсиндеги самолет абага көтөрүлүп, дагы бир самолетко жүргүнчүлөрүн чакырып жатты.





-"Эх, чиркин канатым болсо, эч ким таанибаган жакка учуп кетсем"-деп кыялданып жатты. Саат сегизге жакындаганда балдарын алып, үйүнөн чыгып кетти. Кечинде иштен келип, балдарын тамагын берип бөлмөсүнө киргизип балдарын, өз бөлмөсүндө ойлуу олтурду. Айылга жаткырып, эже синдилерим бардыгы турмуштан өз барсамбы, ордун таап кетишти. Алар үйлөнүп жайланганча канча кыйналбадык. Жетимдер жетилсин, үйлүү болсун, жайлуу болсун –деп канча ирет кудайга жалынып, тагдырына таарынбады беле. Үч уктаса өз балдарын ушинтип өксүтүп чоңойтом деп ойлогон эмес эле. Ушуларды ойлонуп олтуруп Минура уктап кетти. Түшүндө энесинин капалуу элеси үн сөзсүз, Минураны карап, көз карашынан эле Минурага наразы экени байкалып турду. "Мен сени ушул балдардын ичинен эң чыдамдуусу, сабырдуусу дебейт белем. Эң акыркы сөзүмдү да сага айтпадым беле, сен ушундай чыдамсыз, мажирөө белең? Көрүнгөнгө көз жаш төгүп, дартыңды күчөтүп, мени кыйнап жибердиң. Эч качан ыйлабайм дебедиң беле, сөзүңө турбадың!" деген сөздөрдү Минура энесинин көзүнөн өзөзүнчө окуп турду. Бир аз тиктешип турган соң энесинин бир бети нандын күйүгүндөй порсоюп ичи оюлуп, турганын көрдү.

-Апа бетиңизге эмне болду?

-Жан күйөрүм болбосо ушундай болот экен да. -Артын карабай басып кетти. "Апа кетпечи, эч качан ыйлабайм, кетпечи апа-апа-апаке"- деп

Минура ойгонуп кетти. Өпкө өпкөсүнө батпай түшүндөгү ыйы өңүндө да токтоно албай ыйлап жатты. Бул алаамат түштү кантип жоруйун. Астафирулло, өзүн жакшы жерөлгөңдү көргөзө көр. Таң сүрүлүп, жылдыз тарап, күндүн алгачкы нурлары таңдын атып келе жатканын даректеп куштар сайрап, аэропорт тараптан асманга көтөрүлүп кетип жаткан самолеттун үнү угулуп турду.

Бети башын жууп, жуунуп бүткөн соң. Бүгүн жекшемби жумушка барбайт, балдарды курбусуна таштап, өзү шаардан айылга жол алды. Облустун бекетинен чыккан автобус бак дарактуу жол менен чоң жолдо келе жатты. Жүргүнчүлөр бири–бири менен сурашып "Көптөн бери көрүнбөйсүң, шаардан жакында келдиңби"- дешип келе жатышты. Алардын арасынан кимдир бирөөсү таң тамаша сөз айтып, кыраан каткырып калышты. Ким сурашып жатат, ким күлүп жатат, алар менен иши жок. Автобуста өзү жалгыз келе жаткансып бир чекиттен көзүн албай, бир калыпта мелтиреп ойлуу бир келин келе жатты. Ал өз ою менен, өз дүйнөсү менен алп урушуп келе жатты. Бир бекетке келгенде автобус токтоп кимдир бирөөлөр түшүп, бир-эки аял чыгып орун алышты. Алар келе жаткан Минураны көрүштү.

-И, айланайын Минура, келе жатасыңбы, кандай бала-бакырaң аманбы иштериң жакшыбы?

Минура уйкудан ойгонгондой эми эки жагын каранып, сурашымыш болуп, оюнан арылып Зуура





менен Сейилди карап- "Кандай, күүлүү-күчтүү жүрөсүздөрбү? Аяш атамдар жакшы жүрүшөбү?

-Жүрүшөт айланайын, өзүңдөн сүйлөсөң кандайсың анан, баарынын баласы сендей болсо жаман эмес. Апаңдын өткөнүнө да он беш жылдан өтсө да ини-сиңдилериңди алаканга салгандай карап, каралашып, үйлөп-жайлап, кайгырса кошо кайгырып, кубанса кошо кубанып жүрдүңөр. Абийирге туулган уул–кыздар экенсиңер. Бул касиет силерге энеңерден калган. Ушунуңардан жазбагыла. Бар болгула кыздар, эх кыздар"-деп шыпшынып калышты.

Автобус остановкага келип токтоду. Эл менен кошо Минура да түшүп калды. Минура түшкөндөн кийин Сейил менен Зуура бечара кыздар баарын үйлөп жайлады. Эркек башка аял алгандан кийин жаман жездечилик акыбети калбай калат деген чын белем, келип бир куйум чай да ичпей кетишет. Минура эч ким менен иши жок. Туптуура айыл четиндеги тоо этегинде жайгашкан бейитти көздөп жол алды. Анын ою жолдон эч ким кезикпесе жан дүйнөсү жанчылып, түндө көргөн түшүн ойлоп, жан дүйнөсү жанчылып, көргөн кордугуна чыдабай, кубанычынан кайгысы көп тагдырына таарынып, жанга айткыс сырын эч кимге айталбай ичине жутуп жүргөн арманын жалгыз гана апасына айткысы келип, энесинин бейитине баратты. Айыл четине жетип, бейиттерди аралап баратканда жашы салаа-салаа болуп, жүзүн чайды. Үн сөзсүз мелтиреп жүрөгүнөн ыйлап баратты, качан гана

апасынын бейитине жеткенде "Апа, ардагым, апам-апа! деп бар үнү менен бакырып, бейитти кучактап жыгылды. Бейитте ыйлап да жатты. Ушундай убада берип жатты. "Сиздин акыркы, сиз айткан керезди аткардым баарын үйлөп жайладым. Эч кимдин алдында ыйлабаймын, тагдырыма да наалыбаймын, сизге татыктуу, туруктуу кыз боломун. Мени кечириң"!

Ошол боюнча канча жатты ким билет. Эч ким ага тоскоол болгон жок. Бүт арманын ички бугун, көз жашын көлдөтүп айтты. Энеси менен сырдашып жатты. Ал эрте мененки автобуста келген эле. Качан гана жанына жайытка кой жайып жүрүп, Минураны балалыктан бери билген, көрүп жүргөн, жаш кезинде жетекчилик кызматта иштеп, картайып, пенсияга чыкканда мал-кой кылып, өзүнчө чарба күтүп калган Ныязалы эле. Ныязалы эгизде отуруп, жаздын суук, көктүн сыз мезгилинде эрте менентен бери бейитте онап көлдөп боздоп жаткан Минуранын алдына келе албады. Анын үнүн угуп, сай сөөгү сыздап, жанына келип кой ай дегенге кудурети жетпеди. Анткени аны бала күнүнөн жакшы билчү. Качан гана саат ондор чамасында келген Минура алтыларда басылып, өзүн-өзү сооротуп, аптапка мээсинин кайнаганын сезбей кичине эки жагын карап, чарчаңкы абалын сезип калган кезде гана Ныязалы жанына келип, үн сөзсүз куран окуп кирди. Курандын мукам үнүнөн ирмелбей көз жашы бетин чайды. Үн сөзсүз Ныязалы абышка курандын дагы бир сүрөсүн узак





окуду. Батага кол жайганда Минура кошо кол жайып, буларды кобурады.

"Мени кечир апа! Сизди да тынч жаткырбай кыйнадым, мени кечириң! Жан адамга көз жашымды көргөзбөй ичке жутуп жашадым. Сиздей чыдамдуу, сабырдуу боло албадым. Мени кечириң. Бул менин акыркы ыйым. Оомин жаткан жериң жайлуу болсун. Ныязалы буларды кошумчалады "Жаткан жерин жайлуу болсун. Сенчелик эч ким кыздарына мынчалык абийирдүү тарбия бере албастыр, булардан ыраазы бол. Оомин! Бир азга тунжурап туруп, Минура! Балам! Жүрү үйгө бул жерде жаш киши асирден кийин калууга болбойт. Жүрү балам. Өзүң эстүү жансың. Бейиттен чыккандан кийин чоң дайрага түшүп, бети башын муздак суюга жууп, дайрада буларды кобурады Минура.

Сен чоң дайра Найман көлгө куясың,
Арманымды суудай таза жубарсың.
Көлдөн балык сууң неге шор десе,
Минуранын көз жашы деп коерсуң.
Көп ичинен энесин жоготкон,
Көлдөй толкуп көөдөнүн да бошоткон.
Көз жашын ушул бойдон жоготкон,
Минура деп коерсун!"

Суугa жүзүн жууп, көңүлүн бир аз жеңилденип калганын сезди. Суудан эки чаканы алып бейиттин үстүнө куйду. Эки-үч ирет куйду. Чоң жолго чыкканда балам шаардан качан келдиң деп сурады Ныязалы.

-Эртең менен келгенмин.

-Балдарың?

-Балдарым жакшы.

-Минура дагы эле баягы комбинатта иштеп жатасынбы?

-Ооба ошол жерде эле иштеп жатамын. Ныязалы ава мени кечириңиз. Мен бүгүн өзүмө батпай кыйналып келгенмин.

-Жоок балам, андай дебе. Адамда ар кандай болот эмеспи. Муну тагдыр дейт. Бирде өйдө–бирде пас, бирде аттуу–бирде жөө жүргүзөт тагдыр. Ушундай! Ошондуктан өзүңдү эч нерсе болбогондой сезе бер. Сенин эмгегиңди эл билет. Сендей болуш биздин балдардын колунан келбейт.

-Эх Ныязалы ава келбей калсын. Апамдын акыркы арманы белем, ким билет. Эх аттиң дүйнө силер да жаман бейбаш болсоңор балким жашап калат белем дейт. Балким жан айласын таппай кыйналып жатып, айткан чыгар, ким билет.

-Энең барда айылга келген атка минерлердин баары силердин үйдөн даам сызып кетер эле. Эми минтип өзүңөр кирбей калганыңар жакшы эмес иш болду. Апаң кишиликтүү адамдын оюн айтырбай туйган, сезими күчтүү, сезимтал адам эле. Кичине окуп калса эмне, эл башкараар жан эмес беле. Аш-тойдо Султан аваң экөө болбосо той бүтмөк. Эч кимдин кереги жок эле. Ажырашуу, урушуу, талашууну эки ооз сөз менен токтотчу. Анын өзгөчө бир касиети бар эле. Силер жакшыдан калган жан, жакшыдан калган белексиңер,





элге керексиңер, башыңарды бийик көтөрүп жүргүн балам! Эми үйгө кирип кичине даам сызып кет.

-Жоок, Ныязалы ава балдарымды, курбума таштап келгенмин, кетпесем болбойт. Жакшы калыңыз. Мен барайын.

-Сапарың байсалдуу болсун! Автобустун келер маалы да болуп калды. Кеч калбасыңбы?

-Жок.

Минура жолго чыгып автобуска отурду. Кусалыктан арылып, желкесиндеги оор жуктөн жеңилденип, көңүлү бир аз ачылып баратты. Баратып ушуну кайталады.

Сен чоң дайра Найман көлгө куясың,
Арманымды Суудай таза жубарсың.
Суудан балык сууң неге шор десе,-
Минуранын көз жашы деп коерсуң.
Көп ичинде энесин жоготкон,
Көлдөй толкуп көөдөнүн бошоткон,
Көз жашын ушул бойдон жоготкон.
Минура, Минура деп коерсуң.!

Андан соң кечки таза абада талаа жумуштарында иштеп, тиричиликти кызуусуна баткан адамдарга карап, сукталып баратты. Бардык жерде жер айдалып, үрөөн себилип, көчөт эгилип, турмуш өз нугунда баратты. Минура келе жатып эч нерсени көрбөгөн болчу. Кетип бара жатып жашоого жаңы күч дем менен шаарга барды. Көптөн бери көкүрөгүн өйүп, түпөйүл кылып, кыйнаган азап армандарынан арылып, эрте менен

ишине жөнөдү. Кечинде иштен келип балдары менен көңүлдүү тамактанып жатышты.

Түшүндө апасы аябай жасалуу кийим кийинип, "Минура бетим сакайып калды. Муну сага алып келдим эле"- деп, жакалу пальто чоң сумкада нан, мөмө-жемиштерди берди. Ойгонуп ишине жөнөдү, ишинде улук мастер болуп дайындалып, сыйлуу акча, балдарга деп белек-бечкек беришти. Эненин арбагы да балам деп ар убак колдоп, коргоп жүрөт экен. Түндөгү түшүндө берген энесинин нан, мөмө-жемиштери салгандай сумкага алып келип бериш-ти. Сүрөтүн сурашты. Минураны алдыңкы жумушчу деп ардак тактага сүрөтүн илишти. Энеси берген пальто нан ушулар белем, деп Минура энесине ыраазы болуп, куран окуп бата дуба кылып, дарты бир топ жеңилдеп калды. Эненин өзү да, эне бейити да ушунчалык ыйык белем. Муну билсем алда качан барбайт белем деп ойлоду Минура.

Ошондуктан айтылат тура "Эненин таман алды бейиш"-деп Эненин ыйыктыгын Кыргыз билет баалайт. Бейишим эрте кетип, бул ааламдан. Бейиштин кут төрүндө болсун энем.

Сен чоң дайра Найман көлгө куясың,
Арманымды суудай таза жубарсың.
Суудан балык сууң неге шор десе,-
Минуранын көз жашы деп коерсуң.
Көп ичинде энесин жоготкон,
Көлдөй толкуп көөдөнүн бошоткон,
Көз жашын ушул бойдон жоготкон.
Минура, Минура деп коерсуң.!







**ЧАБДАР АТ БАЯНЫ**

Ат үстүндө чиренип отуз-отуз бештер чамасындагы жигит эки жакка көз салып турат. "Бүгүн күдөй улак көптөн бери боло элек болчу. Бүгүн ар уруунун жигиттери чын дили менен ойношту. Келсемби, келбесемби деп отуруп араң келдим эле, жакшы эле келген экемин"–дей Тажибай. Жанында турган эки жаш жигитке: "И, Тажибай ака, тоого биринчи келгенсип айланага суктанып жатасызбы?"–алардын сөзүнө жооп бербей эле өзүнчө, өзүнө өзү маашырланып турду. Жигиттердин бири "Тажибай ака, түн жамынып жолго чыгабызбы?"

-Жок бүгүн Суранбайдын өргөсүнө чакырган, конбой кетсек капа болот. Эмки ай толгон мезгилге чейин Дүйшөбек атасына аш берет экен. Ар уруунун эл аталарын чакырып, масилат кылсам дептир. Мени бүгүн бир сөз кошуп кет дейт. Бүгүн Суранбайдын үйүнө кыштоодогулар да ушул өрөөндүн оозго алынган адамдары, молдо кожолору да чогулушат.

-Эй Тажибай ака! Кыз-келиндерин дагы көрө алат бекенбиз. Бир өтөлү жакса кудалуу болуп калат экенсиз.

-Ээ жигиттер, мен силердин ордуңарда болгонумда атымдын жалына кыздарга билик салдырат болчумун. Эми мынтип жашым өтүп, үйлөнүп, жайланып калбадымбы, бир жактан жаңы заман башталып, аш-тойго тыюу салып, кысым күчөп турган кези да. Бир чети өзүм өкүмөткө аралашып жаткан да дагы бир нерсени чыгарып албайын деп чочуймун.

-Эмесе эмне өрөөндун эң сулуусун алат белеңиз?

-Эмне үйлөнсөм болбойт деп бешенеме, жазып коюптурбу. Кадыр көңүл келишсе, табышабыз жаш чакта, оюнга мас чакта деп коюшатко.

-Эй, Мырзабек, куржунуңдан жанагы кийимдерди алып кийгиле, асемдеп жорго аттарды минип, айылга түшөлү. Жайлоонун толуп турган мезгили болгондуктан теребел ушунчалык кооз, аба таза, арчалар арасынан анда-санда улар үнү, түркүн куштардын сайраганы угулуп турат. Чалкалап жаткан жигиттер асманда шаңшып учуп жүргөн жалгыз бүркүттү көрүп, бүгүн кимдир бирөөлөр ууга чыгышыптыр–деп бир–бири менен сүйлөшүп жатышты. Аңгыча эртерээк түшөлү жигиттер– деди Тажибай.

Качан гана алар айылга жакындаганда иттер үрүп, тосуп алышты. Суранбайдын өргөөсүндө Суранбай жалгыз отурган экен. Тажибайды туптуура үстүнө киргизди. Жигиттерди башка өргөөгө киргизишти.

Тажибай, "Ассалоому – алейкум бай аке күүлү –күчтүү жүрөсүзбү, мал-жан аманбы!"

-Ваалейкум салам, кудайга шүгүр Түзүк жигит иштерин кандай? Очальник болгондон бери көрүнбөйсүң? И, очальник болуш ошончо кыйын бекен.

-Жок, кыйын деле эмес. Бирок аяк унадан бир аз кыйналып турамын. Түн жамынып мазарды ашып түшкөнгө. Эртең менен кайра айылда болуп калбасам болбойт да. Анын үстүнө анча көзгө урунбай турушума туура келип турат. Бизге штап ачып, мени экинчи начальник дайындаган да.

- Уктук – уктук очалник. Эмнеси болсо да сен ошол жактык болуп турбасаң болбой калды. Жашы жетимишке таяп калса да алтыыштагы кишидей салабаттуу эки бети албырып күүлү –күчтүү, сүрдүү да, сырдуу да көрүнөт. Көз карашынан эле көп нерсени айттырбай байкаган кыраакы Суранбай. Аны муну сурашып жатып эшик агага бир карады эле, башына элечек кийген оймолуу кызыл чыптама кийген, мойнундагы шуру мончогу шарактап чачбагындагы шурусу нагыз алтын чачпагына тагынган, колуна күмүш шакек, күмүш билерик, башынан аягына чейин бош жери жок, шуру, алтын күмүш менен жасалган жаш келин кирип, кымыз куюп узатты. Анын ар бир кыймылыны кылдат карап отурган Тажибай – Байдын токолу дейин десе, башына байбичелер кийчү элечек кийген, эгер Суранбайдын токолу болсо башына бир байлам ак жоолук салынмак да. Ай жүзүн баарына сук-сук кылмак. Ушул ойлорду ойлоп отуруп келиндин нурлуу жүзүнө бир тигилип, кымыз сунган колунун үстүнөн кармап андан





кымызды алды. Көздөрү көздөрүнө кадала түштү. Кыз үн сөзсүз Суранбайга да сунду. Төрдө ойлуу отурган Суранбай Тажибайдын оюнун удургуганын байкап турду. Токолу чыгып кеткенден кийин гана мындай деди: -“Тажибай таң калбай эле кой, бул менин жаңы алган токолум. Элечек кийдиргеним “Баш адам аяк болот, аяк адам баш болот” –деп кимдер ырдап жүрүшпөйбү ошондой. Замана мынтип оош – кыйыш болуп турат. Өкүмөттөн деп келишсе элечегин көрүп, чоң эле аял экен десин, көздөн бир аз далдоо. Антип минткенче бир айласын табармын. Сенден да кабар болуп калар деймин. Өзгөрүш болсо.

-Ооба бай аке, кабар болот.

-Аяк унадан кыйналсаң үйүрдө минилген бир күлүк бар ошого кошуп төртөөнү алып кет. Түн жамынып кабарлашып туралы.

Токолунун колун басып, аякты алганын көрсө да унчукпады, баштагы заман болгондо аттиң не кылат эле. Нарктуу кыргыз салтты билет жигит. “Мен сага берип жаткан ат баянын өзүң билип жүргөн Чабдар”-деди Суранбай. Чабдардын атын укканда көзү жайнай түштү.

- Тажибай бул аттын баянын өзүң жакшы билесин, канчалаган жигиттер өлүп кетти.

Эки урууну чабыштырып кеткен Чабдар.

Эки көзүн жайнатып шамдай жанган Чабдар.

Бир баскан жолунан эч адашпай, Түркменистан, Тажикистан, Өзбекистан Кытай болсун

Айылга өзү алып келет Чабдар. Суранбай ойлуу олтуруп сөз баштады.

-Мен сага бир топ жыл мурун болгон окуяны айтып берейин, угуп тур.

Тажибай мандашын токунуп эки көзүн Суранбайдан албай угуп олтурду.

-Кытайдан эми эле чыгып Сопуга ооп калган элек. Кайдан – жайдан алдыбыздан октор атылып жатты. Биз артынган алтын күмүштүн кабарын билген бирөө экен деп дароо эле туйдум. Аш-паш дегенче болбой беш – алты жигитке ок жаңылды. Жан айласын таппай калдым. Жарым куржун кылып Чабдарга артып, өзүм минип алган болчумун. Аңгыча Чабдар арчаларды аралап салып ийди. Эми далдолонуп кою арчалар арасына кирерде көкүрөгүм тыз дей түштү. Өлдүм. Пайгамбар жашында карга кузгунга жем боломбу деген ойлор мээме жетти. Денем ысып, кан койнуман ылдый карап акты Чабдар бир кишенеп алды да басыгын тездетти. Барган сайын алдан тайып, көзүм караңгылашып өзүмдү бир билип, бир билбей бараттым. Акыры алым калбай калганда чылбырын бош коюп эгердин кашын оң колдоп бекем кармадым. Түн оокумда байбичемдин өргөөсүнө токтобой чоң уулумдун алдына барып кишенептир. Болотбек үйүнөн чыгып, аттын үстүнөн мени алганда жер чапчып ай асманга карап кишенептир жаныбар. Бул жаныбардын акылдуулугу мындай эле. Чоң уулумдун айлында карыган табып чал бар эле. Ал элди кыдырып,





табыпчылык, жачылык кылат эле. Кургакчылык болгондо ага элдер табып чал алдыңа атайын келдик. Аштыгыбыз күйүп кетпесин, жамгыр жаадырып бер дешчү. Ал элдин мүдөөсүн аткарчу. Анын аты Меңди менин алдыма биринчи эч кимибиз атабай эле табып чал деп койгонбуз. Ушинтип табыпчылык кылып жүрөт. Мени алып кирип жаткырып иниериңе, байбичеме кабар берип, табып чалды чакырып көргөзүшөт. Чал окту көрүп, кичинекей кол баштыгын алып келип, суу кайнаттырып, баштыктан бир темирин алып чыгып, чөгүндө кайнап жаткан сууга салып алып, устарадай курч мизи менен көкүрөк тушумдагы жаратты кесип, экинчи учундагы кыпчыгычы менен ок тийген жерин чукулап кириптир. Шушунуп аккан канды көрүп кичик уулум Султанбек бул эмнеңиз атамдын жаны калабы ээ табып дегенде эртең менен атаң аттай болуп калат көрөсүң, чочубай эле кой. Окту алмайынча жаны сеп албайт. Суранбайдын деп чукулап жатып окту алганда уюган кара кан көкүрөгүмө жабылган кытайдын ак шайысын канга боеп койгондой чыланып калат. Кайнап жаткан сууга аспабын салып-салып көкүрөгүмө басып андан соң мумияны коюк кылып уютуп, жараттын үстүнө куюп темир аспабы менен бир эки жолу окту алган жерге мумияны төгөт. Окту алып уюган кан акканда жаным жай алып өзүмө келе түштүм. Көзүмдү ачсам чоң уулум Болотбек башыма муздак сууга салынган чүпүрөктү басып туруптур. Азизбек колумду кармап турат, кичик

уулум Султанбек бутумду басып олтурат, байбичем жолугунун учу менен көзүн сүртүп ыйлап жатат. Табып көкүрөгүмдө бирдемени алып көкүрөгүмө коюп жатты. "Ата! Атаке!, абалыңыз кандай?, жакшыбы"-деп балдар чый-пыйы чыгышты, табып баары артта калды эртең менен жеңил болуп каласыз дейт. Бир аз башым айланып турат, бирок оору сезилбейт дедим. Мени оңдоп жаткырып койгондон кийин Болотбек сыртка чыкса жайдак-талган Чабдар үйүргө кетпей үй айланып жүрүптүр, Болотбекти көрүп, жанына келиптир, үстүндөгү канды көрүп Болотбек бир чака сууну үстүнө куюп жууп атам жакшы болуп калды жаныбар, сен үйүрүңө бара бер дептир. Ай асманга карап кишинеп жан боордогу жол менен үйүрүн издеп кетиптир. Ал мезгилде таң агарып калган экен. Эртеси мен түш ченде көзүмдү ачыпмын. Эч жерим оорубайт, башым бир аз айлангансып турат, байбичем менен табып чам жанымда тамырымды кармап турушуптур, "көп кан жоготконсуз Суранбай, жети күндө тыңып каласыз, жаш козунун этинен кайнатма ичиңиз, боорун, жүрөгүн чала кууруп жеңиз"-деди. Табыпчал айтканындай жети күндө бир маал мумияны суюк чылап жуп бир чүпүрөккө коюп таңып коет. Мына эми Тажибай бизде жүргөн табып чал менен Чабдардын тарыхын уктуң, мунун сага бергенимдин себеби, эмики ай толгонго чейин Дүйшөбектин атасынын ашына чейин, Арсланбап, Кызыл-Аска, Андижан, Кара-Дарыя тараптан, түн жамынып кабар алып он





күндүн ичинде кабар бер. Дүйшөнбектин атасынын ашын аштай кылып өткөзөлүк, мен Суранбай болуп ушул Тоо өрөөнүндө эл атасы болгондон бери эч кандай чуу боло элек. Эми минтип заман өзгөрүп, бала бакыранын алдында абийирибиз кетпесин.

-Байаке айтканыңыздай болот, бүгүн түн жамынып түзгө түшсөм, эртең эле Андижан тараптан кабар аламын, күндүз түздө, түнкүсүн жолдо болуп турамын.

-Ий! Тажибай жанагы жигиттериңдин ичинен бычакка сап болчулары барбы?

- Байаке эки-үчөө бар. Төлөйкөндөн Жалил деген жигит бар, күч десең күч, савлат десең савлат, экинчиси Жумабай эл аны палван дейт, кыргыз күрөш өнөрүнүн устасы кыргыз-казакты бут кыдырып күрөшүп, бир да жолу далысы жерге тийе элек, күч кубат акыл эс ушул эки жигитте.

-Бирок бир көзүң бир көзүңө душман кезде бул сыр экөөбүздүн ортобузда калганы оңго деймин. Анын үстүнө жаңы отряд түзүлүп капчыгай аркылуу келчү эски жолубузга, Сопуга Андижан тараптан Кароол-Талга жиберилген, мен эки жакка көп чыкпай, айылда болушум керек, антпесем кимдир бирөөлөрдүн көзүнө чалдыгып калбайын деп чочуймун. Эмесе мындай Тажибай сен бүгүнкү жыйынга аралашпа, сырттагы жаштардын ак чөлмөгүнө аралаш, сыйдан кийин жолго түшкүлө.

-Болуптур Байаке жаштар менен аралашып оюнду кызытайлы, жигиттердин чери бир жазылсын.

Чабдар колго тийгенине көзү жеткенде Тажибайдын оюу бузулуп, Суранбайдын токолуна көз арта баштады. Аттын үстүндө ары-бери чаптырып тийише берди. Эки ооз сөз айтам селки кулак сал сөзүмө. Чалдан жигит сөзү өткүр, көргөнгө көзү өткүр селки, кулак сал селки, Келиндин шаштысы кетип аста секин жанашкан кезде, же жигит башың өзүңө ашыкчалык кылып жатабы деди. Жаш селки заман өзгөргөн чалдын сакалын жыттабай эки жака кулак сал, ойлонуп туруп жооп айт селки, эмики ай толгондо келемин.

-Күлүк аттуу, күүлү жигиттен чанба. Кожожаш сүйгөн Аруке болгон. Чыган сенчелик алты ашууну ашып барган Кожожаш болгон чыгар, менчелик Баатырдын эр жүрөгүн сүйгөн эле Аруке. Сүйүү үчүн сенде жүрөк жок беле. Келин ойлуу эки жагын каранып чочуп коет. Анда Тажибай Устүндөгү шарак – шурак темириңе кубанба. Андай темир атымда бар, берем аны сурансаң. Сенден сулуу Кыргызымдын кыздары бирок көңүлүм сага түшүп кыйнады. Өз эркиме баш ийбей жүрөгүм азоо аттай туйлады. Бирөө байкап калбасын деп – кыраакы Тажибай этияттанып коет. Эч ким ал экөөнүн алым сабак сөзүн уккан да жок. Сый тамак тартылып, жолго аттанарда:

-Суранбай Тажибайга–“Эми ишеничимди актагын, жигит. Заманаң бөрү болсо бөрү бол, түлкү болсо түлкү бол,”–деген. Балдарды калкалап калгыдай болгун.

- Ооба, бай аке өткөндө өкүмөкө деп берген сегиз уйду элге таркатып төрт атты отрядтын жигиттерине бердик. Ошол элдик жыйында айткамын. Суранбай берген малдарды таркаттык, эми анын ишеничин актап, жакшы багып мал кылып алгыла дедим. Жаңы келген начальник да Суранбай деп атыңызды жазып бизге кошулду деген.

- Билесиң Тогуз Торого барсам Кадырбектин балдары өкүмөткө деп келген жигиттин жакасына асылып, Сибирге деп бир уулун алып кетиптир. Мал жандан балдарымдын, Суранбайдын авлати артык. Өкүмөтүңө канча мал десе берейин. Экөөбүз эсеп кысапты эркекче кылабыз-деген ойдомун.

- Кам санабаңыз бай аке, колдон келген иш болсо качпаймын. И, бай аке, жакында Алибектен кабар алган элем. Мурдагыдай жигиттерди ээрчитип жүрө албаймын. Көбүн таркатып көк жалдарын гана алып калгамын – деди эле. Сизге келеримди айтпаган болчумун.

-Эми барсаң айтып кой көзгө илешпей тынч турсун.

Бир калыпта Суранбайдын көзүнө тик карап, Тажибай көп нерселерди байкады. Бек өзүнө ишенбей калган экенда.

-Эми баатыр ушуну менен убадабыз бек. Он-он беш күндүн ичинде баарынан кабардар болоюн.

-Болуптур, бай аке, мен жолго чыгайын.

-Аттан жигит, болуптур.

Тажибай жолго чыгып эле, эч ким билбеген эски жолго салды. Жигиттер адаштык келген жолубуз бул эмес деп чочулашты. Жок жигиттер мен көзүмдү жумуп алып барамын деди. Ал жолго чыгаарда өзүнүн ак жол атынын эр токумун шыпырып, Чабдарга токуду. Көптөн бери минилбей элирип калган белем, учтуго жаныбар. Ат үстүндө өзүн дүйнөдө жок бактылуу сезди. Эчен жылдан бери эңсегенине бүгүн өз-өзүнөн эле ээ болуп калды. Качан гана болжолдогон жерге келгенде жигиттерин узатып, кош айтышты. Жалил менен Жумабайды алып калды.

-Силер менен сүйлөшөйүн деген сөз бар. Экөөң бул жигиттерге караганда жакшы билесиңер. Чабдардын атагын билбеген адам жок. Ошондуктан бүгүн үнкүрдө калабыз, калган аттарды айылга алып барабыз. Жигиттер аттарды айылга алып кетишти. Тажибай, Жалил, Жумабай үчөөсү үнкүрдө калышты. Жол ката Суранбай артымдан адам салбады бекен деп, ар-ар жерде акмалап келди. Анын үстүнө бул келген жолду Суранбай, Тажибай, Алибек үчөөнөн башка эч ким билбейт болчу. Тажибай жолго аттангандан кийин келин ойдо калды. Аттиң жок дегенде жообун айтам дебеинби. Көзгө толумдуу эр жүрөк экен. Суранбайдан коркпой мага катылды. Жолборско, жолборс жүрөк жигит кана даап сөз салды да. Тажибай болсо келинди эмки ай толгон Дүйшөнбектин атасынын ашы аяктаганда алып качып





келем. Аштан кийин ар ким өзү менен өзү болгон учурда алып качамын. Суранбай оюнан кайтпады бекен.

-Тажибай аке нелерди ойлоп жатасыз–деп сурады Жалил.

-Мен элди, силерди ойлоп жатамын. Мен бүгүн үнкүрдө силерге ушул үнкүрдүн сыры, тарыхын айтып берейин. Эмесе молдошун токунуп, астейдил олтурушту. Тажибай бир калыпта үнкүрдүн тарыхын баштады.

-Илгери-илгери бир хан болгон экен. Ал хандын байлыгы ашып-ташып өз бийлигин аяктап, заман өзгөрүп, бөтөн элден баскынчылар келип калганда, сулууларды аялдыкка, өңсүздөрүн күңдүккө алып, көптөрүн олжого деп алып кетет. Ошондой күндөрдө хан кызын ушул үңкүргө алып келип эч кимге көргөзбөй, “Канаттууга кактырбай, тумшуктуугa чокутпай” багамын дептир. Кызым зерикпесин деп жанына жанчы кыздарын коштоптур. Тамактын таттуусун, мөмө–жемиштин түрлөрүн бериптир. Эч кимге көргөзбөй көлөкө жерге багамын деп. Күндөрдүн бир күндөрүндө жүзүмдү алдырып, жан адамды жанына киргизбей, ашпозчусу жүзүмдү жууп алып кирип бериптир. Жузүм шагында бир аары кошо кирип, хандын кызынын тилин чагып алыптыр. Тили оозуна батпай кыз көз жумуптур. Ошондо хан арман кылыптыр. “Аттиң дүйнө элден бөлбөй койсом эл ичинде эсен болмок”- деп арман кылган экен. Ошондуктан бул үнкүр тынч. Жаан жаап, сел жүрсө да, бороон

болуп, кыш катуу болсо да, үнкүр кышкысын ысык. Жайкысын салкын. Бөтөн журттан баскынчылар келсе жан калкалап, жан бакканга ыңгайлуу, ыйык жер. Келгенде куран окуп, бата дуба кылып турса, эң тынч жер. Жан боордогу булактын суусунан ичип турса мүрөк суусундай суусунуң бат канат. Муздактыктан "Өзүңдү муздай, ичиңди кыздай кылат". Эй Тажибай аке жортуулдан жортуул жаңыртып Кашкар менен Кыргызды кезип, соодагер эле десе, эл тарыхын, жер баянын да билип жүрөсүзбү? Канчалаган адам менен жүрсөңүз баарынын айтканын угуп жүрөсүзбү дейт Жалил.

-Эй жигиттер "тарыхы жок эл болбойт, ыйыгы жок жер болбойт" дегендей канчалаган атактуу баатыр, соодагер, мүнүшкөр, кербенчилер менен жүрсөңөр дагы. Аз сүйлөп, көп уккула. Укканда эле кулак төшөп көкүрөктү муйутуп жүрөктөн талдап, укканыңарды жүрөккө түйүп, эске тутуп койгула. Кыргыз канча кылымдан бери Манасын оозеки сактап келе жатат. Дагы канчалаган дастандарды канчалаган баатырларды оозеки элдин эсинде бири бирине ушул сени менен мендей олтуруп. Улуусу кичүүсүнө укканын уккандай көргөнүн көргөндөй кылып айтып берип, эч болбосо ушундай үнкүргө таш менен сүрөт тартып калтырып келе жатат. Ошондуктан "Кулүк ат атагы, баатыр баяны, сулуу кыздын даңкы" тез элден элге таркаган. Ошондуктан ар убак уккула. Укканды уккандай айткыла. Аңгыча жылдыз тарап, таң аппак атып, эч жерден укпаган укмуштуу





куштардын сайраганы угулуп, булактын суусу жылгадан өмүр тирүүлүк тазалык болуп ылдый көздөй агып баратат. Теребел ушунчалык кооз, көз жоосун алып, таңкы аба делебени козгойт. Аста ат бастырып айылга келишти. Келип үй алдына кегенде Тажибайды аскакалдар күтүп турушкан эле. Анткени Чабдардын дарегин угушкан. Тажибай сага биз атайын келдик "Оомат обушат, дөөлөт жугушат"- деген ушул балам, сага кудай оомат бериптир, Чабдарды кыргыз казакта кашкарда билбеген адам жок. Суранбайдын ооматы сага өтүптүр, эми мындан ары эл журтту сен өкмөтүң менен бирге башкарасың. Оомат атта болот, сага не ой менен бергенин билбейбиз, бирок ооматын бериптир. Тоодой атактуу кен жерден оомат түзгө ушул айылга келиптир. Сага ак сары башыл атадык, аксакалдардын батасын ал балам.

-Ырахамат авалар, ылайым айтканыңыздар келсин. Эт бышканча аны–муну кобурап олтурушту, дасторкон жайылып бир улактын этине аксакалдар, бала бакыра дебей ыраазы, баарынын жүзү албырып, кандуу шорпо ичкенине курсан, эптеп жан баккан бечара.

-Алибек оозунда бир тиши жок үйүндө үзүм наны жок байбичем ооруп жатты эле, бир кесе кан шорпо алайын Тажибай деп сурады. Көптөн бери наар албай кыйналып жатат дейт. Тажибайдын сай – сөөгү сыздап, чоң кесеге шорпо, бир загара нан берди. Эл батага кол жайып, баталарын берип узап кетишти. Тажибай аттиң жокчулук "Бирөө

ичерге суу таппай жүрсө, бирөө кечип жүрөт"–деген ушул бейм. Кече күнү Суранбайдын айылындагы, тоодой эт, көлдөй чык эсине түштү.

-Суранбай мен сенин токолуңду сулуулугу үчүн эмес, үстүндөгү алтын үчүн алып келемин. Айлымда ачкадан биринин артынан бири өлүп жатат. "Үрөн тапсак жээрге дан жок. Аштык тапсак, баштык жок"–деген ушул белем. Ой басып анымуну ойлоп отурган Тажибайдын алдына Туратбек аксакал келип:

-Ойлон жигит бул ойлоно турган маселе. Суранбай эртеби кечпи көзүндү тазалап койбосун. Айылга жигиттерге дайында жат жала келсе байкасын. Күнбү–түнбү "Көргөн аштын күйүтү жаман"–дейт убадага турбасаң, тулпар буйрубай калат. Элди да ойлон, ачкадан канчалар кырылып жатат.

-Туратбек ава он беш күн чыдасак баары жайында болот. Элден кам санабаңыз эч кимге зыяным тийбейт.

Бул түнү ак жалды үнкүргө таштап Чабдарды минип Кароол –Талга андан ары Андижанга барып таң заарда келип калды. Бул көрүнүш Тажибайга адатка айланды. Жумабай менен Жалил үнкүрдө күнүгө Чабдарды карашат. Күндүз тойгозуп коюшат, түнкүсүн Тажибай минип кетет. Эч бир жерден жакшы кабар укпады. Жигиттерин таркатып, аз-аздан жигиттери менен калышыптыр. Бардык жерде бирдей. Өздөрүндөгүдөй кулакка тартмай, Сибирге айдамай.





-Алибек эч кимге дарегин билдирбей бүгүн бул жерде, эртең эле журт которуп тоо таштa эптеп күн көргөнгө өттүк. Сен бул жерди кайдан билдиң? Тажибай өкмөтүнө аркалагı эртең ашта баарыбызды карматып, катындарча бербейсиңби?

-Чочулабай эле койуң бек, мен эркек бойдон калганмын. Катын эмесмин, саткыдай. Бар болгону Суранбайдын өтүнүчүн аткардым. Эки – үч күндүн ичинде чөлкөмдөгү кабарды бүт жеткиремин. Эгер ишенбесеңиз кабар алдырыңыз. Кайдан кабар алдырат. Бүт жолго отряд койдуруп коюптур.

-Эй, бек Суранбай сиз мен барчу жолду билишпейт. Эски ашууда отряд бар. Азаматсың мен ал жол да бек деп ойлопмун. Ал жол ачык болсо Кашкарга ооп кетсемби.

-Антпеңиз бек Суранбай менен акылдашыңыз.

-Аны көрө жатарбыз. Кошуңуз мен кайттым.

Тажибай бүт баарынын дарек дайынын билди. Эми Суранбайдын айлына барып, кабарды билдириш керек. Чабдарды минип барсам кантет. Жок мен ак жалды минип барамын. Калган майда барат иштерин бүтүрүп ар ой менен ак жалды минип, Жалилди алып Суранайдын айлына түн жамынып жетти. Суранбай уйку соонун ортосунда жаткан белем, ат дүбүртүн угуп жатты. Атын байлап жигит менен учурашып, бекти ойгот деп айтты. Жигит кирип, айтанда киргиз деди бек. Тажибай салам айтып кирди. Алик алган бек. Баягыдан да сүрдүү, сырдуу болуп көрүндү. Астында аю талпак, үстүндө ак-жийде дамбал кийинип, жылаңайлак

үстүнө чапанын желбегей жамынып, башына ак допусун кийип, колунда таписин кармап отуруптур.

-Бай аке мал жан аманбы?

- Келгениң жакшы баатыр. Кимде кандай кабар бар?

- Бай аке, эч жерде оозго илгиликтүү кабар жок. Баардык жерде окшош кабарлар. Кулакка тартмай, Сибирге айдамай. Көпчүлүктүн ою колхозго кошулуп жанын бала бакырасын аман алып калмай. Бектерден кабар уктум. Адил бий, Нураалы бий балдарын жанагы өкмөттүн мектебине бериптир.

- Эмине бектин балдары экенин билбейт бекен?

- Жок билет, билсе да. Бирөөсүн Тезекбай уулу, бирөөсүн Балтабай уулу деп беришиптир. Өздөрү мал алып өкүмөткө деп, өкүмөткө кошулду деп бирге иштешип жатышат экен.

- Эми Тажибай ушунуң кабар экен.

- Алибектен д кабар бар.

- Кандай кабар баатыр?

- Бектин көңүлү тушүп эч кимге ишенбей калган, көп жигиттерин таркатып, өзү баягы биз билген ашуудагы жол менен Алайга андан ары же Кашкарга ооп кетсем дейт. Ашуудагы жолдо отряд бар деп чоочуп жүргөн экен. Мен отряд башка жакта ал жолдо эч ким билбейт дедим. Бек сен отрядыңа мени да кармап берейсинби дейт. Мен жок, Суранбайга жолугуп акылдашып иш кылалы, деп сиздин саламды айттым. Анда да менин





жүргөн жерлеримди кайдан билдиң деп шектенди. Эгер мында келсе мындан ары Кызыл-Коргонго андан Сопу–Коргонго андан Дароот–Коргонго ооп эркин жүрсөм деген ою бар экен.

-Мунуң ойлоно турган маселе. Элден безип, жерден кечип кайда барып баш калкаламак элек. Мекенсиз уул уулбу келсе кеңешип көрөбүз. Дагы кандай кабарын бар баатыр?

-Азырынча ушулар бай аке.

Эмесе жатып эс аласынбы?

-Жок, кайтышым керек. Эшик агага бай аке караганда кесеге мелт-калт кымыз куюп, эшик ага мага сунду. Кесени эки колдоп так көтөрүп жутуп кесени сундум.

-Бай аке, эми мен кайтайын, уруксат бериң?

Бай өзүң түзөп бутуман башыма чейин аста секин көз жүгүртүп, салмактап сөзүн баштады.

-Сен билесин, биздин балдар дамладан шарияттан таалим алып, диндик түшүнүгү бар. Эми жанагы орустун мектебине өзүң алып барып Азизбек менен Султанбекти жайгаштыр. Ушуну менен Алибек мен Маматали бай менен өзүм сүйлөшүп көрөйүн. Дүйшөбектин атасынын ашына өкүмөтүңдү да чакыр. Түздү элинин кадыры бар атка минерлерин ээрчитип келип кеткиле.

Суранбайдын алдынан чыккандан кийин оор жүктөн кутулгандай атка жеңил олтуруп жөнөп кетти Тажибай. Жол катар Суранбайдан алган жаны тапшырмасын ойлонуп, өкүмөттүн мектебине жетим балдар менен кошуп Султанбек менен

Азизбекти жайгаштырсам, жигиттик убадамдан лабиз кылган ишимдин өтөсүнөн чыккан боломун. Түркүн ойдун кучагында жол катар ооз ачып сүйлөшпөй түзгө түшүп калышты. Ошондо гана жанында Жалилге карап:

- Бүгүнкү ишибиз ийгиликтүү бүттү. Эми жакшылап эс ал.

Тажибайдын бир адаты бар эле. Ичиндеги оюн эч кимге айтпайт эле. Качан иш жүзүнө ашканда гана эл билчү. Биринчи иши балдарды ашка чейин мектепке жайгаштырыш, анан ашта Суранбайдын токолун алып качыш, балдар өкүмөттүн мектебинде болсо мага каршы бир токолум деп, балдарынан кечип токолдун артынан түшүп, чыр чатак чыгарбайт деп өз оюн бекемдеп ишке киришти. Ашка он күн убакыт калды. Үч-төрт күндүн ичинде балдарды тизмелеп, мектепке жайгаштырышым керек. Жумабайды түн жамына Суранбайдын айылына жиберди. Балдарды саздасын ата–энем жок деп айтышсын, эки–үч күндө келемин деп, саламын айттырды. Кабар келген күндөн бери түнөрүп эч ким менен сүйлөшпөй тамак ичпей, жаны жанчылып, эт жүрөгү элжиреп эки көзү жайнап балдарынан көзү өтүп не кылар айласын таппай, өзүн коерго жер таппай:

-Эми эмне болот дагы кандай заман болуп кетет, тектүүлөр тексиздер менен тең аталаш болуп, бир казандан даам сызып бир дасторконго чогуу олтуруп калабы. Ата теги бек өткөн уулдарым тегин жети атасын билбей кул болобу.





Илгери ата-бабаларыбыз айтышып өтпөдү беле, тектүүдөн нарктуу туулат деп. Эми минтип нарктуу уулдарым тегин жашырып кул болуп, жан айласын кылып калабы. Баардык нерсе убактылуу бир мезгилде өзм деле Атам менен Кашкарга барып келбедим беле. Атам айтпады беле: - Балам баш аман болсо "Алтын аяктан суу ичесин". Аман–эсен калсак элге кайтабыз азырынча калууга болбойт, бирок мекенсиз жигит болбойт. Сен тектүү–нарктуу Кыргыз уулусуң кыргыз экенинди унутпа, кези келсе эл бийлер бек болосун дегенин эстеп көз алдына сабырлуу кең көкүрөк кызыл жүздүү сакалында ак аралаган сүрдүү да савлатүү атасы көз өнүндө балдарын жетелеп өкүмөткө кошо бер булар нарктуу тектүү сенин уулдурың деп тургандай сезилди. Бир чечимге келип. Балдарын алдына чакырып таң-зарынан эчен күндөн бери бир чечимге келе албай жанчылган оюнан жеңилдеп, эми силер чоң адам болдуңар силер менен эркекче сүйлөшөйүн деп чечтим, кандай дейсиңер?

Адатта атасы чоң бир маселе болгондо таң зарында алдына чакыртчу. Жаш болсо да балдар ата тартибин билип чоң маселе чечилерине көздөрү жетип, үч-төрт күндөн бери түнөрүп жүргөн атасынын бир кыйла карый түшкөндөй сезишти. Атаке качан биз сиздин чечимге каршы чыктык эле. Сиз кандай каалаcаңыз ошондой болот. Бизден кандай талабыңыз болсо аткарабыз. Айта бериңиз. Суранбай ойлуу сөзүн баштады. Балдарым ата өз

уулдурын эч качан жаман жолго түртпөйт. Ошондой эле өзүнөн алыстаткысы келбейт, кыз-бала бирөөнүн касмы, уул бала атанын бел кубаты, басканга буту, сунганда суурулган кылычы болот. Кыргызда уулду болсо аштай берип элине жарчы чакыртып, сүнөт тоюн берип, уулду адам демдүү кучтүү болот. Тукум улар урпагың узарып атам Абдыш бийдин неберелерисиңер. Биздин уруудан эл бийлеген бектер өткөн байлар өткөн кай жерде жүрсөңөр да тегиңерди унутпагыла. Бүгүн заман өзгөрүп, мен силерди өкүмөттүн мектедине бергенге чечим кабыл алдым, антпесем асылгандар көбойүп мени кулак, силерди улак кылганга эл даяр. Жокчулук, жакырчылык, мусапырчылык эмне экенин билбейсинер, мен атам менен Кашкарга кеткемин ошондо эл журт эмне экенин барктап билгемин. Атам менин жаным амна калышын каалап Кашкарга молдого алтын теңгелер берип медресеге окутту, мени илимдин шарапаты сактап калды. Канчалаган мекендештерибиздин сөөгү сөпөт болуп, чымын жаны учуп кетти. Мен ошондо атам окшоп мезгилдин даанышманы, акылманы жокчулуктун чункуруна түшкөндөр чыга албай эже карындаштарын сатып жан баккан күндөр өттү. Азыр заман башка өз эл, өз жерибиз эптеп жан калкаласак болот. Каапыр да болсо сөзгө көнчү немелер экен. Эми эмне дейссиңер, балдарым, ишеничтүү жакын таанышым бар алар каттап кабарыңарды билип турушат. Өзүм да барамын.





Энеңерге угуза элекмин, укса бышактап калатко. Чеччү өзүңөрсүңөр.

-Ата, сиздин чечимге каршы эмеспиз-деди Султанбек, Азизбек эки көзү атасынан өтүп "Ата, алыспы"-деп сурады.

-Жок уулум, жакын эле түздө аттуу үч – төрт саатык жол.

Балдары менен акылдашып бир чечимге келип, даярданып койду. Жолго деп бир козунун этин бышыртып Тажибайдын келер күнүн күттү. Суранбай балдарга биринчи үйрөткөн сөздөрү атаң ким? –Билбеймин көп суроолорго билбеймин дегиле. Мектепке жайгашып окуп калганда, билимди жакшы окугула,билим бул караңгыда жол көргөзгөн шам чырак панар болот. Билим алганда дилгирленип, жан дилиңер менен берилип окугула, ал силердин келечек жашоодо пайдасы тийет. Эртең менен оордунан турганда Тажибай эки аскер адамы менен келип, Бай аке сиздин үйдө эки бала бар эке, ошолрду алып кеткени келдик. Жакшы келипсиңер кичине шам шум этип алгыла-деп ичкериге киргизди. Бир чай кайнам убакта козунун этин жеп, кымыз ичип бүткөндөн соң, эки уулун кошуп берди. Дайым кийчү кийимдеринин эскилерин кийип, арабага эки солдат баланын жанына олтуруп жөнөп кетишти. Ошол айылда жашаган темир уста Усупбек менен Умсунай деген көчкү алдында калып каза тапкан, аялы Умсунай эгиз уулдары менен калган эле. Алып кетиш үчүн Умсунай менен акылдашып, макулдашып коюшкан

болчу. Айылдын чыга беришинен жалгыз жайгашкан боз үйдөн эки баланы Тажибай алып чакты, булар Нурдөөлөт– Бакдөөлөт эле. Төртөө арабада айлананы карап суктанып баратты. Эгиздер өмүрүндө араба менен эч жакка барбаган эле. Жашоосундагы жаңылыкка жетине албай сүйүнүп, формачан кишини карап сүйүнүп баратышты. Эртеси эрте менен төртөөнү ээрчитип өкүметтүн адамдарына барып, балдарды мектеп-интернатына жайгаштырды. Үч төрт күндө кабар аламын жакшы окугула деп узап кетти. Чоң милдеттен кутулуп, экинчи оюн ишке ашырыш үчүн ар ойду ойлоп алып, качып келсем, кимге күйөөгө беремин же кай жерде кармап турат, ою чиеленип аягына чыга албай кыйналды. Балдар бойдок. Жалилге берсем күч кубаттуу топумду жигит, ыраазы болот, олбоочу болот. Өз оюн ушинтип өзү кубаттап, Суранбайдын токолун Жалилге берип жатты. Жалилди чакырып үйлөнөсүңбү деп сурады, күтүүсүз суроого дендароо болуп, кыз кайда экен мага, калыным жокко. Сага калыңсыз келин жубанга үйлөнөт белең? Үйлөнсө үйлөнө берет элемин. Сиз бирөөнү болжоп койгонсузго дейм айтканыңызга караганда.

-Ооба чамалаганым бар үч күндөн кийин Дүйшөбектин атасынын ашында алып качабыз.

-Эмне дейсиң, бирок келин ыраазы болобу, жокпу күмөн.

Суранбай бул күндөрдө чөлкөмгө келчүү элдин камын ойлоп, боз үй көтөрүп конок үйү деп





эн чоң боз үй көтөртүп үй жасалгасын Умсунайга дайындап Умсунай менен акылдашып жүрдү. Аксакал көк-сакал дебей барына иш дайындап бош жүргөндүн баарына айылда иш менен алектентип койду. Ким өйдө-төмөн бош жүрсө сөз угат. Ошондуктан эч ким Суранайдын көзүнө чалдыкпоонун аракетинде. Суранбайдын кабагы ачылбайт. Бир гана Умсунайдын алдында гана өзүн алсыз мажирөө сезген Суранбай анткени келиндин сулуулугуна башын ийип ага кошулуп акылынын зиректиги, ууз чебердиги бир жигитти теңине албай, ушул күнгө чейин этегин эч жанга ачпай, өзүн таза абийирдүү алып жүргөнү эле. Отузга эми чыкса да чоң адамдардай салмактап сүйлөп, акылынын зиректигине таң калса, бир чети сөзгө чечен сөзмөөр каймана сөздүн маанисин билген, акылга бай келиндин алдында өзүн алсыз сезип анын айткан сөзүн этибарга алып көп ичинде сыйлап Суранбай бай бек болгону менен Умсунай менен башкалардан өзгөчө мамиледе эле, аны менен адамча мамиледе жүрдү. Ошондуктанбы Умсунай менен Суранбайдын ортосунда мамиле жөн эмес, соо мамиле эмес дешет. Эми мамилесинин чындыгына далил болуп балдарын мектеп интернатка бергенден бери, алардын мамилеси чын экен деген мишмиш сөздөр көбөйүп башкача көз караштар менен карашат. Эми Умсунайдын бетине гана айталышпайт. Анткени эч ким Умсунай менен Суранбайдын мамилесин көргөн эмес бирок. Күбүр шыбыр сөздөр жүрүп турат. Суранбай

өз журтуна келчү коноктордун камын ойлоп. Ар бирин ойлоп тыным албай аракеттенип жүрдү. Ушул түндө чоң байбичеси ооруп табып чалды чакыртып каратты. Мындан бир топ жыл мурда катуу ооруп айыккан эле. Кудум ошондогудай ооруп, өзүнүн боюн өзү кармай албай калчылдап жатты. Табып чал көпкө убараланып бир убакта сыртка чыгып, ойлуу олтурган Суранбайдын алдына келип:

-Бай аке, колумдан келгенин жасадым, бирок, биро-о-к мукактанып токтоп калды.

-Болотбек айтыңыз эмне кылышыбыз керек? Сүйлөңүз табып, сүйлөңүз.

Суранбай табыптын сөзүн даана түшүндү. Үн сөзсүз байбичесинин жанына кирди. Жан айласын таппай чабалактап кыйналып жаткан байбиченин бүткөн боюна чыпылдап тердеп, пешенесинен көзүнө кулактын астына карай агып жатты. Суранбай жакын келип, колдорун кармап, байбиче сабыр кыл, жакшы болуп кетесиң. Байбиче эки көзү чанагынан чыгып кетчүдөй болуп, абышка мен бир ирет айыктым, эми бул балдарды сизге аманат. Мен менден ыраазы болуң. Жанымда карап турган кемпир жол учугунун учу менен көз жашын арчып аллахым шыпаа берүүчү шыпаасы болор. Эми титиреги басылып суу–суу тер кетип токтобойт.

-Болотбек апа апа сакайып кетесиз үмүтүңүздү үзбөңүз.





-Уулум уучум узарып жаман жашабадым. Атаңды жакшы кара, инилериңе көз бол. Таң сүргөнчө жаны кыйналып эки чүрпөмдү силерге аманат атасы. Суранбайдын колун бекем кысып, Болотбекке батасын берип, миң мертебе кудайга жалынып жатты.

Суранбай уулун чочуп калбасын дедиби, айтор эшикке чыгарып ийди. Байбиче тилден калып, сүйлөй албай ымдады. Өзүң ачып колу менен суу дегендей ишарат кылды. Суранбай байбичесин колундагы кесени алып, жыгач кашык менен суу ичирди. Намазга азан айтылып, жер жарыган маалда. Көздөрүн чоң-чоң ачып, кере кере дем алды. Көзүн жумуп уйкуга кеткенсип. Ушул таңда байбиче жан таслим кылды. Суранбай жаагын таңып, кемпир экөөлөп оңдоп жаткырып, Болотбекке айтты. Таң заарда апалап өкүргөн өкүрүктөн бүт айыл ойгонуп байбиченин өргөсүнүн алдына өкүрүп чогулушту. Алыс жакынга кабар берилип, Суранбайдын кемпирин өз жайына беришти. Бирөөлөр бир жанына жакшы болду. Толу кемпирдин айтуусу боюнча көптөн бери оруп кыйналып жүргөн экен дейт. Баарыбыз бир күн ушулбуз. Барар жерибиз бир күн дайын, кара гөр. Ага чейин ар нерсе, бир нерсе дей беребиз. Катындар тарап кеткенче байбиченин жакшы иштерин сүйлөп кээси бышактап ыйласа, кээси дагы бир нерселерди айтып отурушуп узап кетишти. Адам пенде эртең эмне болушуңу билбей табышмактуу жашайт эмеспизби. Ашка келчү

элдин камын ойлоп Суранбайдын абийирин бийик тутуп жашаган байбиче Суранбайга айттырбай Умсунайга дайындап он эки канат боз үйдү даярдатып койгон болчу. Суранбайга аталган он эки канат боз үй, жалаң ак кийизден шырдактарды да ак түстүү өтө көп колдонулган. Боз үйдүн төрүнө Суранбайдын элесин тушүргөн килем соктуруп, жанына ак кийизге Суранбай Болотбек деп жаз-дырып, кештелеп тиктирип койгон болчу. Баары эл тарап туугандар калышты. Шарияткa туура келген салт санаадагыдай маркумду узаттык, өз жайына, эми туугандар өлүмгө мүңкүрөбөй, өлүмгө тике карап, кайратыбызды көрсөтөлү. Жакшылык жамандык да өзүбүздүкү. Дос душмандын алдында башыбызды бийик көтөрүп, айылыбызга келчүү коноктордун да канын көрөлү. Өлүмдүн чачпагы узун дегендей киши аягы үзүлбөйт. Токсон боз үй тигилиши керек. Айыл аксакалы Мурадыл аба буларды айтып Суранбайды карады. Суранбай көпкө чейин ойлуу олтуруп өзүн күтүп турган элди карап Мурадыл аба туура айтат камданалы. Ар ким өзүнө тийешелүү иштерди кылсын. Суранбай ордунан туруп жан боорду карай басты. Бул түндө эртеңки башталчуу ашка аталган Суранбайдын он эки канат боз үйүн, көтөрүш үчүн Умсунай, катуу ишке киришти. Ай жарыганча от жагып калган бөлүгүн айдын жарыгында таң атканча дагы канча боз үйлөрдүн жасалгасын бүтүрдү. Эрте менен Суранбай боз үйлөрдү көрүп, он эки канат боз үйдүн жанына келип муну ким даярдады. Умсунай





капшыты көтөрүп, бай аке бул сизге байбиче-ңиздин айтуусу боюнча даярдалды. Аттан түшүп боз үйдүн ичине кирип, Умсунайдын бул иши кечеки кошкон кошогу таң калтырды. Суранбай шарт капшытты көтөрүп сыртка чыкты. Жигит атты алдына тартты. Ат үстүндө ой ойлонгончо коноктор келе баштады. Тоодой эт, көлдөй чык кылып, кыргыз күрөшү, улак чапмай, кыз куумай, эңишмей, чүкө атмай, а жаштар түнкүсүн ак чөлмөк ойношту. Ашка барган коноктордун кайтар күнү да болду. Суранбай айыл аксакалдарын узатып бир эки жигити менен Умсунайды издеп келди. Эскилиги жеткен эски боз үйдөн капшытын көтөрүп Умсунай утурлай чыкты.

-Келиңиз не жумуштап. Умсунай, Умсунай замана зайлинен өзгөрүп өз нугунда эмес аны билесиң. Мен сени көптөн бери байкап жүрөмүн ылайык көрсөң экөөбүз баш кошсок. Заманга жараша жашасак токолсуз, байбиче бол.

Умсунай үн–сөзсүз тиктеген калыбында туруп калды. Умсунайдын алдында өктөм сүйлөбөгөн өзүнчө эле сыйлап жүргөн бай аке деп ыйба кыл-ган Умсунай уккан кулагына ишене албай сестейди.

-Бай аке экөөбүздү эл эп көрөр бекен.

Ангыча айыл аксакалы Мурадыл ава

- Эп көрөт. Сага көптөн бери эч жанды ыра көрбөй калкалап келет. Сага көргөзгөн сый урмат-ты эч кимге көргөзбөйт. Балдарын да өөн көрбөйт.

Айылдын молдосун чакыртып никеси кыйылып Суранбай Умсунай жашап калды. Ошол түнү Суранбайдын кулагына бир жигит келип токолу Тажибай менен качып кеткенин айтты. Эң сонун болуптур өзүм да башын бошотоюн деген элем. Жообу колунда. Эл катары тынч жашайын. Болотбек атасынан муну күтпөгөн. Эми эмне кылабыз ата дегенине–эч нерсе, тынч ар ким өз тиричилигин кыла берсин. Чоң жоопкерчиликтен кутулдук. Өкмөтүнө жылкынын жарымын, малдын кой эчкинин жарымын айдаттык. Эми алар бизге биз аларга тийишпей жашайбыз. Закүнүндөгүдөй бирден аялдарыбыз менен тынч отурабыз. Тажибайга тийбегиле балдарды калкалайт, сөзүндө турду, бир катынды деп жаңы өкүмөтү менен касташкым жок. Ар ким ушуну эле күтүп тургандай үй үйлөрүнө тарап кетишти. Тажибай Суранбайдын токолун алпарып Туратбекке турмушка чык деп айтты. Тайбас келин сизде жигиттик намыс барбы же эркек эмес катынсызбы неге мени алып келдиңиз. Тажибай калчылдап кетти. Бир уулу бар эле, молдону чакыртып айыл аксакалын чакыртып, келин менен жашап калды. Жаз алдында келиндин тагынган жарым жартылай тагынчактарын сатып, эгин айдатты, талааларга үрөөн себилип элдер кубанычтуу иштешти. Тажибай Туратбекти да үйлөндүрдү. Эки аялы менен жашап экөөнөн алты балалуу болду. Турмуш өз нугунда өтүп келиндин тагынчактарын сатып, элди ачарчылыктан сактап калды. Тажибай өзү ойлогондой эли – жерим деп





өз башына тажал катындын уу тилине чыдап жашайт. Чабдардын келиши айылга оомат береке келди... Суранбай Умсунай менен эртерээк кезигип, баш кошпогонуна өкүндү, ичинен ушул күндөрүмө да шүгүр деди. Балдар Султанбек, Азизбек, Бакдөөлөт, Нурдөөлөттөрдүн чоң адам болуп, окуулардын окуусун окуп келе жаттышканына жетине албай кубанычтуу, токсондон ашкан жашында да жетимиштегидей күүлүү күчтүү. Умсунайдын төрөгөн кенже уулу кыз Зууранын келатышат. Келатышат дегенине Асан нан туруп чапанын желбегей жабынып сыртты көздөй басты. Умсунай Зуураш төрт чыны суу алып кел, Асан атасын колтуктап, агаларынын жолунан тосуп чыгышты.



## АЛАКАНДА ЭРИГЕН КАР

*Мээрим 2012-ж. март*

Мээрим Москвага келгенине үч жылдан ашты күнүмдүк тиричилик иш-иш деп жүрүп. Үч жылдан өтүп кеткенин да сезбеди. Бала чакасы менен келип иштеп калган эле. Шаардын четине салып жаткан эки кабаттуу үйүн бүтүрүп көңүлү жайланып. Бир аз дос жоролорго жолугуп кээде балалыкка сапар алышып кээде селкилик кезден сөз кылып. Жашарып турушпаса дээрлик иштен бошобойт. Өмүрүндөгү бул бурулуш болбойт беле жайдын күнү отпускасы тура келбей кыштын суук күндөрүнө туура келген отпускасы болбосо бир уулу бир кызы менен акчабыз мынча болду үй баштайбыз бүтүрөлү деген пенделик кызыкчылык менен дем алышы жок иштеп, кээде келбей калган ишчилердин ордуна иштеп жүрүп. Үй бүтсө уулум үйлөп кызын күйөөгө берсем деген аруу тилектер





менен күнү–түнү кудайдан уулу-кызына бак тилеп, энелик мээрими менен күндү санап жайды күттү. Күтүлбөгөн жерден директор чакырып жатат дешип чыкырды, кирип билгенде отпускага чыгасын. Вадим Никалайевич мен жайда чыгайын азыр иштей турайын жок графикти буза албаймын сенин отпускан эртенден эртең менен күтүлбөгөн отпуска дем алыш башталды. Кыштын узун түндөрүндө келгенден бери дем алышсыз иштеп. Эптеп жатып таң атары менен тырмалап ишке, келип эс алып тандын кантип атып жатканын билбей жүргөн Мээрим үч күндөн бери түнкүсүн уйку көрбөй ойдолоп ойлонуп чыгат. Эми эмне болот кантип уулум үйлөйм, кантип кызымды берем. Деген учу түбү жок ойлор. Таң атып жерге жарык кирбей батирдегилер ишке жөнөшөт. Түнү менен уктабай чыккан Мээримди төшөк тартып туралбай жатып аран 10 жарымда турат. Сизге эмне болду иштеп жүргөндө 5 те туруп кетчү элеңиз дешип кошо жашагандар таң калышат. Иштеп жүргөн иштегендей дем алганда дем алгандай болсун дейминда. Күлүп койду бирөө ички туюм сезими муну менен болбойт. Өзүмдү колго алайын мен эмне болуп баратам. Терезени карап чоң-чоң болуп жаап жаткан карды көпкө чейин көзүн албай карап туруп. Бала кездегидей карды тутуп ойногусу келди. Алаканда эриген карга кандай ичим ачышып, эми элекки кооз колундагы кар. Алаканда эрип кичине суу болгон алаканын карап терезени ачып карга алаканын

тосту. Кудум ошондогудай коокдолгон кар эрип суу болуп алаканда калды. Терезени жаап балалык кезде эң биринчи карга из салып таптаза айланаган суктанып кирсиз жүрөгү жашынып калчуу. Терезени жаап сыртан таза абада айланып келгиси келди тамактанып жылуу кийинип кичине айланып келейин кичине деген ойдо сыртка чыгып кетти. Жол жектен басып отуруп үйдөн бир топ узап кетти. Адата таңкы сукта үшүп ишке араң жетчү. Мээрим кар жаап тургангабы күн ысык үшүбөй эле көңүлү сергип самса жегени бир жерге барсамбы деген ойдо авто бекетке келди. Река Москвага келгенде негедир суу бойлоп баскысы келип жакынкы маршурут токтогон жерден түшүп калды. Көпүрөнү көздөй басты. Ары бери өткөн эл аз ошентсе дагы адам үзүлбөйт. Кыз жигиттер ээрчишип сейилдеп жүрүшөт суу бир калыпта мелтиреп агып турат, четтеринен суунун тоңуп баштаган жээкке сүрөтчү тарткан сүрөттөй аяз кооз скульптуралык кооздуктарды жаратылыш өзү жасаган кол менен жасай албай турган аппак тургаңындай аппак элестер жээкте толтура. Скульптордун иш кабинетиндей ар кыл жаныбарларга, куштарга жыңалач жаткан жаш сулуунун жумуру денесине окшогон элестерде карап, аяз күчүнө кире баштаган экен, деген ойдо жээктеп басып баратты, өзүнүн студенттик кезинде жасай албаган элестерди аяз жасап койгонуна таң калды. Эгер искусствого тааныштыгы болбосо. жээктеги тоңгон муздан сулуулук издеп ырахаттанып





тумандуу күндө жээк, бойлоп басунун ордуна кафеге барып эс алмак. Мээрим андайлардан эмес эле ар бир нерсени жакшы жагын көрө билчү. Талантуу искусствонун адамы эле. Тагдырдын талабына башын ийип сүйгөн кесибин таштап. Эл катары турмуш тиричилик өткөрүү үчүн Москвага келген. Элге кайра барганда балдар үчүн сүрөт мектебин ачып сабак берем деген үмүтү бар. Искусствонун таланттуу адамдарды сахна чеберлерин сыйлап баалаган адамдар азайып бараатат. Фонограмма менен ырдаган жамгырдан кийинки козукарындай жаш өспүрүм балдар кыздардын айынан чыныгы таланттар бааланбай жаткан чыгар. Ким билсин ички сезимдерин деңиздей толкуп Мээрим келечекте сенден чоон адам чыгат деген агай эжелерин, эстеп кубанып койду. Менден жакшы адам чыкпай калды эми. Москва рекага куйган кандайдыр чооң трубаларды карап баардык жерлер тонуп турат ал тоңбой карайып турат. Кызыктан калып басып кетти. Көпүрөгө келгенде кыргызча музыканы угуп артын карады. Көргөн көзүнө ишенбей кетти. Кең далылуу узун бойлуу бир жигит көпүрөнүн четине чыгып боюн суугa Москва рекага таштаганы жатат телефону чырылдап Гулнур Сатылганованын үнү угулуп угуп кой санага баткандай, угуп кой түнү уйкун качканда угуп кой угуп кой. Тумандан жигиттин жүзү көрүнбөйт. Телефонун албайт, ким менендир катуу урушуп өчөш менен жанын кыйганы турган жигиттин абалына карап, Мээрим артка кылчайып карады:

- Айланайын сөзүмдү укчу ким болсоң да суранам!

-Жакындаба! Катындар барыңар окшошсуңар.

- Мен катын эмесмин, мен энемин, укчу чонсунбу кичүсүнбү укчу! Суранам!

- Сен бир кадам таштасаң мен сууга секирем.

- Секирбечи, сенден айланайын кыргыз экенсин.

- Сен кимсин?

- Мен, Мээриммин. Оштон боломун. Сенчи?

- Анын сага эмне кереги бар?

- Сенин дайынын жакындарын кантип билишет.

- Мейли билгин келсе, мен да Оштон болом неге бул чечимге келдин балам?

- Балам дебе мен сенин балан эмесмин.

- Баари бир, энен-атан, ага-инин, эже-карындашын барда.

- Бар атам, эжем бары ушул жерде. Менин апам жаш өтүп кеткен, мен апамдын жанына кетемин.

- Сен апандын жанына барбайсын.

- Неге барбайм? Сен тоскол болбойсуң.

- Жок сен тура эмес ойлопсун.

- Неге

- Өз ажалың менен өлсөң жолугушуң мүмкүн. Өз жанынды өзүн кыйсаң жолукпайсың, же ал дүйнөдө эмес же бул дүйнөдө эмес. Эки ортого





тура бересиң. Сага берилген өмүр күнүң түгөгөнгө чейин турасың. Өлгөндүн баары эле бирге боло бербейт. Бейишке кирсеңер бирге болосунар. Ал эми күнө иштерди көп кылган болсоң тозокко киресин. Эгерде кудайым ырайым кылса өз ажалың менен өлсөң бирге болушуң мумкун. Намаз окуганда дайыма дуба кылсаң.

- Мен намаз окубаймын. Кудайдан да көп тиленбеймин.

- Сага эмне керек. Кандай ниеттериң бар. Баарын тилешиң керек. Ким сураса жараткан берет. Ме бул менин документтерим, издетип убара болушпасын.

- Нээден качтың өзунду кыйнап? Эжендин сенден башка жологу жок болсо, атаң карып турса, сага бүт өмүрүн арнаса неге нааразы болдун?

Мээрим ар бир сөз айткан сайын бирден кадам таштап, жакындап бүткөн боюндагы майда калтыракты токтото албай, кандай көңүлүңдөгү сөздү таап сүйлөп, жаш жигиттин өмүрүн сактап калыш үчүн чын дили менен аракет кылып жатты.

- Эмне атан жаш аял алып сага көнүл бурбай койдубу?

- Жок, атам үйлөнбөй Зубай ээкөбүздү карап окутту.

-Анда мынча неге жашоодон тойдуң. Өзүңдөн башканы да ойлосунбу?

- Менин барым буралга түйшүк. Неге бир тууган төрөп берчү апаң жок болсо, эжендин шору бар беле. Анын күнөөсу эмне коркоксунбу?

- Жок.

- Кичүү болсон иним бол, чоң болсоң агам бол, тең болсоң досум бол кыяматта кыйышпас, бирок ниетинден кайтчы.

-Өлүмдөн ушунчалык коркомун.

-Жаным укам кайтчы, кайт ушул оюндан. Менин да апам жаш өтүп кеткен. Кырк жети жашында. Баарын таптым, кадыр-барк, уул-кыз, байлык бирок апа таппадым. Энедей мээримдүү сырдаш таппадым. Өмүрдөн башканын баарын тапса болот бирок өлгөндү тапканга болбойт. «Кеткен келет, кетменделген келбейт»- дешет элибиз. Эжең менен атаң сендейди кайдан табат, жалгыздын иши курусун. Жалгыз балдарга баш боло албай кыйналат. Аркалаган иниси, сен болбосоң ботодой боздоп калат. Көрүнгөнгө кор болчу эжени ойлочу. Сенин күйүтүн көтөрө албай дүйнө салчу атаңды ойлон. Сыйын көрөр мезгилде өзүңдү өзүң көөмп,атанды кошо көөмүп, эженди же элинди эмес сени менен атандың күйүтүн көтөрө албай жинди болуп кетпейби?

- Жок-жок сүйлөбөчү! Сен эмне баарын көрүп турасынбы көзүң ачыксынбы?

- Жок мен энемин, атаңды элине алып кетип жайына бериш керек. Сени издетиш керек, кайдан билет Москва рекага түшүп балыктарга жем болгондо, өлүп көрдө эмес, тирүү болуп элде эмес, сени кантип унутат! Кимге ишенет. Эжен ушуларды көтөрө алабы?





-Жок, жок жоголчу өлгөнү да тынч койбойсунар да.

- Жашын канчада?

- Отуз алтыда.

- Кырчын курагында айтчы угайын же жанынды кыйчу не себебиң бар. Балалуу болбой-мун эжендин балдары барбы?

- Бар

- Канча?

- Эки уул, ошол сенин балаң, балалык кайсыл парзың аткардың. Балалуу болсон да. Бир өмүр сени деп үйлөнбөгөн атанды ай-талаага алып келип, өлүп калсаң бары бүтүп калабы. Сен балалуу болсоң да ушундай болот да.

- Жок менин балам мендей болбойт кетчи бул жерден. Эй катын, саттан да жаман экенсин.

-Мен катын эмесмин, энеңмин балким энендин арбагы мени ушул жакка келип сени ушул жолдон кайтарсын дегендир.

- Сен аны кайдан билесин?

- Билбеймин бирок ушундай болуп турат, сен жакшы адамсын. Сен жакшы баласын. Сенин дагы бир эжең, досуң пайда болду. Келчи, келе колунду, ары бери өткөндөр сүйлөшкөн эки адам, бири-бирине өнөрүн көрсөткөндөй карап коюп отуп баратты. Мээрим эптеп жалынып жалбарып жигит-тин жанына жетип колдорунан кармалап, жалынып не деп айтып жатканын өзү да билбеди. Кандай шарт койсо бейтаныш бир билбеген жигитти эгиз-ден түшкөндө сүйлөшөп түшүндүрүшөт. Канча

алым сабак айтышып турганын билбейт. Качан гана жигиттин колунду берчи чырагым, кел келегой, колун сунуп экинчи колун кармады.

Эки дене тең тизелери калтырап. Жаак эттери тартылып буткон боюнан тер кетип жигит дегенин салабатту спорттук формадагы спортсмен же органда иштеген адам экендиги билинип турду. Кучагына боюн урган салабатту эркектен эми бир канча убакыт өткөндө калтырагы басылып, агып турган тери токтоду. Күндүн суугуна тердеген денеден башы булоолоп буу чыкканы билинип турду. Мээрим мойнуна оролгон шарфын алып суу болгон көкүрөгүн мойнун башын аарчып, топчуларын топчулап жигитке тигилди. Кош кирпиги төгүлгөн көптөн бери алынбаган сакалы грузин же азербажанга окшоп кетет. Кыргыз кепетеси жок. Тумандын арасында көпкө чейин кучакташып турушту. Эй бейтаныш адам эми кетели кеч болуп кетти-деди Мээрим.

- Суу, сууң барбы?

Ооба кичине ичилген сууну жигитке суунду, бир калтырбай жутуп, Мээримдин алдында эрдик кылган адамдай аркасын карабай басып кетти. Ошондо Мээрим өзүнө келип саатты карады. Саат 10:00. Кеч кирип кетиптир. Неге бүгүн эчким звонок кылбады кызык. Кетишим керек рахмат да жок кеткен бей тааныш адамды кеткен жагын карап коюп. Ошол үчүн кыргызбызда деп басып баратты. Туман коюланып, түн өз өкүмөн көрсөтүп, караңгылыкка сиңип бара жатты. Жаратылыш өз өкүмүн





жүргүзүп, машиналар чырагын жарыгынан бирин бири байкап өтө, секин жүрүп чубалып бара жатты. Мээрим караңгыга сиңип кеткен бей тааныш кишини ойлоп бара жатты. Узун бою кийинген кийимдери утугу кетпеген шымы, жаланбаш жакшы кыскартылган чачы, үч төрт күндөн бери алынбаган сакалы. Балким чоң фирмада жан сакчы болуп иштеши мүмкүн. Көпүрөдөн автобекет тарапка жете бергенде узун кара пальточан баягы бейтааныш киши келип:

- Сен кайда барасын?

Жай карап бейтааныш кишини көрүп таң калды.

- Сен кайсыл тарапка, мен под Москвага кетемин.

Үн сөсүз келип колдон жетелеп, жөнөдү.

- Сага эмне болду:

- Машинам бар чык, бул менин машинам. Ошондо гана жол четинде турган машинаны карады.

- Жок мен кетишим керек. Маршрут менен эле. Жок болбойт чык-чык түртүп чыгарып эшикти жапты. Үн сөсүз айдап баратты. Кайда эмнеге баратканы белгисиз. Жолдон карегин албай тыгында көпкө туруп кайра айдап жөнөдү.

-Мен үйүмө кетишим керек

- Кетесин. Сен мени айтпадын беле, атаң эжең жээндериң күтүп, эмне кылыш айласын таппай калды деп.

- Ооба, ооба демек менин атама-эжеме барабыз. Анан сени жеткирем ушул бойдон эч сөз айтбады.

Жол бою спортун бокс же кикбокс же карате же дагы бир спорттун түрү менен машыккан, чемпион болуп кароосуз калган спортсменге окшоштурдум. Ачуусун арактан көрүнгөн сойкудан чыгарып жүргөндөй. Артистер жаш кезинде сахнанын көркү болуп, көргөндүн көрүнгөндүн көзүн сүйүндүрсө ашыктык катарды алып сүйүүгө эрте кезигип, чоң турмушка эрте баарына эрте жетишет эмеспи. Ой түбүнө жетпей эми коркуу сезими да пайда боло баштады. Рекет болсочу, чоң кылмышка аралашкан адам болсочу, менин баарым аларга бары балаа дебеди беле көпүрөдө турганда машина катуу тормоз берип, бурулуп көп кабаттуу үйлөрдүн алдына келип токтоду. Машина токточу жерге келгеде жетимиш, сексенге жашы таяп калган кундуз тебетей кийинген, колундагы таягы менен карды ары бери сүрүп. Колуна кундуз тебетейин алып, аппак чачын сылап, кайра кийип алаканын аппак карга жайып алаканда эриген карды карап алда нени эстегенсип бырыш баскан жүзүнө өзүнө жарашпаган жылмайып ыйлаганы күлгөнү байкалбай турду машинаны тааный коюп, тааныган адамдай алаканда эриген карды суу болгон алаканын жүзүнө сүрттү. Көз кычыгынан аккан жашын жашырып алакандын суусун жүзүнө басып турду. Машинаны токтотуп

- Атаа, мени кечириң?





- Шумкар, Шумкар деп жыгылып баратты.

- Ата ата деген бойдон кучагынан чыгарбай турду.

Мээрим машинадан түшүп турган жеринде катып калды. Чал көзүн ачып үйгө балам үйгө Зубай Түгөдү сенин дайының болбой кеткенден бери, чал эми гана Мээримди, көрүп Шумкарды карап кел балам, абышка ойунда ушул катындын алдында болгонго деген гүдөк ойдо болду. Азыр үйгө кирип тезирээк эшикти бекитпесе. Шумкар кайра ушул келин менен кетип калчудай сезилди. Анын жашы канчада ал ким эч нерсеге акылы жетпей эле. Ай бою телефон чалбайт же чалса албайт дайынсыз жоголгон уулун Мээримден көрүп турду. Үйдү көздөй жол баштады абышка. Шумкар атасын жетелеп жүрүп үйгө деп  Мээримди карады. Үйдүн эшигине келип лифтен көтөрүлүп батирге киргенде кырктан жашы өтүп калган аял Шумкар жалгызым жөлөгүм, кубатым, кайда жүрдүң бир ай дайының билдирип койсоң болмок. Мен келдимго, эмнеге ыйласын мыйман бар карачы ошондо гана Зубай Мээримди көрдү. Ыңгайсыз абалда ыйласа кошо ыйлап бир үйбүлөнүн бирикенине күбө болуп турду. Мээрим кел-кел коле кой батирде эчким жок экен. Эки кичине бала Зубай абышка экен. Чайды жерге аксакалдын алдына салды жанына Мээрим отурду Шумкар сакал мурутун алып, кийинип жапжаш чыныгы спортун чеберинин формадагы спортсмен келип отурду. Мээрим эми гана Шумкарды карады.

Сен жап жаш жигит турбайсынбы. Оба Шумкар атасына карап ата мени кечирин менин өлүмдөн алып калган келин бул. Өзүмдү өзүм жазалап өлүп алайын деген оюмдан кайтарып, силердин алдыңарга алып келген ушул Мээрим экен. Менин атым Шумкар бул аксакал атам Алишер, эжем Зубай менин үйбүлөм ушулар. Алишер ата эми сөзгө түшүнүп эй балам, мен сени ушул келин менен болуп Милананын башын бошоткон тура деп ойлоптурмун. Беш күн мурун Милана келип ключту таштап мен биротоло кеттим Шумкарга муну берип койгула деп кат таштаган эле. Аксакал көкүрөк чөнтөгүнөн катты алып Шумкарга сунду. Көңүлсүз катты алып жанына коюп койду. Зубай сөзгө аралашып ошол күндөн бери атам үйгө келбей жолуңду карайт. Бир дайының билдирсең болмок. Машинаң койгон жерге эчкимдин машинасын койдурбайт. Канча келбесен ошончо күн коруп жакында дворник болуп кетмек. Алишер ата баары өттү өткөн ишке салават. Баарын унуталы экөөн тең арып, тен карыгыла багын ачылсын балам. Жалгыз Шумкарым рахмат айланайын сага кандай рахмат айтарымды билбей турам балам Мээрим

-Жок ата эч нерсе эмес менин ордумда ар кандай адам ушул жолго бармак.

Мээрим аксакалдын алдында өзүн ыңгайсыз сезип отурду.

- Ата мен кетейин кеч болуп калды.

- Кой балам кечкисин жолго чыкпа, эртен эрте менен кетесин. Жанагы чалып айтып кой





телефонундан. Мен жетимиш сегизге чыктым бүгүн сүйлөшүп сыйыбызды коруп жакындан таанышып туугандашып анан кетесин. Зубай экөөн тентуш эле көрүнөсүңөр балам. Сен кайсыл элдென்син? Атан-энен, балдарын барбы? Мен эми өзүмө келдим. Шумкарды көрүп ден дароо болуп калдым балам бүгүн кал сени күткөндөргө дайынын билдирип айт айтып кой балам.

Мээрим эми телефонун алып зарядка сайып мен кетип эле калайынчы.

- Жок балам, сен бизге кудайдан Мээрим болуп төгүлүп келдиң сен болбосоң жалгызымдан айрылып шоорум катмак. Сен бизге периште болдуң. Чай үстүндө аксакал Мээримге ар кандай мактоолорду айты.

Бала чакасын, ата энесин сурап Мээримдин кайсыл айылдын уруусу эмне теги ким экенин сурүштүрүп келиндин иймекей ыймандуу тарбия көргөн жердин кызы экенине ынанды. Ата туугандарынын аздыган ата энесинин жарык жашоодон эрте кеткенин угуп жаны кейип отурду. Ал мезгилге чейин Зубайдын тамагы бышып дасторконго келди. Тамактан кийин аксакалга ошол бөлмөнүн төрүндөгү диванга төшөк орунун оңдоп жаткырышты. Жерге Шумкарга төшөк орун салды. Зубай эки баласын Мээрим экинчи бөлмөгө орун салышты. Зубай эми бошоп Мээрим менен Шумкарды сөзгө тартты, томурайып уктап жаткан балдарын карап, сени күтүп укташпай терезеден түшпөй сени күтүштү. Качан келет? Неге келбейт? Эмне кылып

жүрөт түгөнгүс суроолор менен менин шаштымды алышты. Сен келип көңүлдөрү жай алгансып укташып калды. Бул дүйнө өзү кызык ушул эки чүрпөң сензиз жашай албашыбызды туюшуп эми эмне кылабыз таятам кары болсода эми эмне кылабыз дешип, мен ойлобогон ойлорду ойлоп сага качты сен сездиңби билбеймин Шумкар.

- Мен, мени кечирчи Зубай жан дүйнөм талкаланып жаным кыйналып кеткенинен ушул чечим туурадай сезилип Мээрим айтпаса өз жаныма өзүм кастык кылып кетебермек экенмин. Уйкудан ойгонгон баладай, мас адам соолуккандай, өзүм көзүм ачылбадыбы. Мени кечирчи мен эми силерди кантип алып келсем Кыргызстандан ошондой жеткиремин эли жерим- деп кусадар болгон атамды саргатбай сөзсүс алып кетем. Жанагы сени каралагандарчы? Алар менен да эсеп кысап кыламын. Кой кайдагыны баштабай тынч жүрөйлүчү мен эми сенден бөлөк жөлөк таягым жок эмне кылам амалым түгөп мүнкүрөй түштүм. Атам да, мен да сенсиз бул жашоонун кунары өчүп калгандай болбодукпу эли жерден безип мекени топурагын калтага түйүп жөнөгөн атам да ушул бир ай бою тарткан азабым бир тең. Ошондогу өлсөм үстүндө мекендин топурагы болсун дегенчелик мүнкүрөп ай ичинде ушунчалык көз өңүмдө картайып темселеп калган атамды көрүп сай сөөгүм сыздап, дайынын билген бирөөнү табар, айлам түгөнбүдүбү бир боорум. Кой Зубай жүрөгүм эзип жибердиң мындан ары башкача





жашайбыз. Мен өзүмдү актап элибизге кетебиз эки кичинекейди аталуудан артык кылып багамын мындан ары эч качан ай бою кыйналганчылык кыйналбайсынар менин ордум дайыма бар болуп, толуп турат. Өмүрүмдүн өзөгү жашоомдун кызыгы бал тилдүү балдарыңдын орду, жашоо маңызы болот. Карыган атамдын эч качан кайгыртпаймын Зубай мени бүгүн сактап калган Мээримдин да көзү жаштуу, эки бир туугандык жылуу жумшак кучакташып ысык жашы агып Мээримдүү көз караштар менен карашып турду. Мээрим да сөз кошту силерге бактылуулук болсун кудайдын сүйгөн пенделери, Зубай кучагын жайып жаштайымдан энемден ажырап, атам иним болуп турмуштан дос жарда күтпөстөн эркекке окшоп калыпмын, сенден суранам Мээрим бизге бир тууган бол, эми мындан ары үч бир тууганбыз деп жүрөлү кандай дейсиң. Зубай ордунан туруп Шумкарды жетелеп Мээримди кучактап ыйлап турду. Мээрим да ыйлап турду, экөөнү тең кучактап экөөңдү эч кимге кор кылбайм деди. Булардын үнүн угуп атасы да келип кучак жайып көзүнөн акан жашын тыйалбай турду. Бул түн бир үй бүлөөнүн бүтүндөлүшү болду. Эми Мээрим бир өмүр бирге болчу өз өмүрүнүн түбөлүктү үзүлгүз жибин колуна кармаганын сезген жок Шумкар өзү издеген адамын жанында экенин өмүрүнүн бүтүн баарын ушул аял менен өтүшүн сезген жок Зубай өзүнөн эже мээримдү жолдош сырдашар сыркерде эң жакын адымы боло турган Мээримди сезген

жок. Алишер өз өмүрүн акырын ушул келиндин колунда жарык жашоо менен коштошуп акыркы суусун уртатар адамын билген жок. Пенделик сезим ага жеткен жок бул уулу күч Мээрим эле адам пенде жаралып бири-бирине Мээрим менен караса канча жакшылыктар болоорун билишкенде, адамдар дайыма жакшы максатка Мээрим менен жылуу жумшак карашмак. Бул түнгө периштелердин амин деген сөзүнө кошулуп Алишер, Зубай, Шумкар, Мээрим дуба кылганбы айтоор ой пикирлери бир жерден чыгып таң суурулуп атканча бири-бирине өмүр таржымалын айтып беришти. Зубай бойго жеткен кезинде адаттагындай айылдан жылда келип окууга тапшырып өткөнү үйрөнгөнчө ушулар менен кошо жашап, үйрөнгөндөн кийин жатаканага же дагы бир танышыныкына кетишмек быйылкы окуу жылында да аяш атасынын баласы келип окууга тапшырып күндөн күн алыс жолду үйрөтү. Зубайга кызык болбогон тролебус менен студентер шаарчасынан алып барып библиотека кайда экенин студентке керектүү жерлерди үйрөтүп жүрдү. Ал мезгилде Шумкар караганда шаарындыгы жогорку окуу жайында окуйт эле, мен жалгыз үйдө калып атам иштейт эрте менентен кечке чейин, Илияз экөөбүз калабыз, ушундай күндөрдүн биринде, Илияз башка кыздарга окшош эмесин сен таптакыр башкасын, ойуна эмне келсе ошону айтасын жашырбайсын узун чачтарында кайраттуу аттын кылындай. Эмнеге эчкимге окшош эмесиң, мен сени жакты-





рып калдым, эртең атам келетат атама айтам, аяш атам менен сүйлөшсүн эмне дейсин Зубай кызык сен эми эле келип окууга али өтө элексин, беш жыл окушуң керек мен сени анда мында келгениң эле болбосо жакшы билбейминда сүйлөшүп алалы анан жакшы билип аласын ошол күнү кечке чейин бири-биринен бетин карай албай Зубай өзүн канчалык Илияздан алыстатпасын. Кеч атасы келгенде тамакка чогуу отурушуп тамак ичишти, күнүгө ар кыл суроолорду берип тамашалашып отургандар, бүгүн үн-сөзсүз тамак ичишти, атасы кызым эмне бир жериң оруп турабы негедир көңүлүң сүз да балам кичине башым ооруп турат. Азыр басылып калаттыр дасторконун жыйнаштырып жүзүм түбүндө отурган атасынын кыракы көзү менен карап койгонун байкады. Өмүргө шериктей эрте жаздан кеч күзгө чейин ушул жүзүмдүн түбүндө орнотулган чоң стол үстүндө кеч күздө да жамгыр эле жабаса ушул жерде тамактанышат. Зубай ойлонуп Илияздын атасы балким тыйып кое тур ошол күндөн бери Илияздан боюн алып качат. Же өзүнүн жактырып калганына акылы жетпей турду дайыма үйдө жалгыз кала берип көнүп калган Зубайга шерик болсун деген ойдо кылган атасынын ишин Зубай билген жок. Аяш атасы балам менен кызың сүйлөшсүн бири-бирине кичине көңүлдөрү түшсө үйлөндүрүп коелу деген эки достун шертин Зубай кайдан билсин. Бул иштин түпкү теги те атасы Алишердин жаш кезинде бактылуу эки достун шертешкен шерти достука

берилген антары бар эле. Ал кезде Илияздын апасы кош бойлу Зубайдын апасын Зубайга кош бойлу кезинде эки дос тоонун эң бийик жерине жубайлары менен чыгышып эгер сенин аялың уул төрөсө менин аялым кыз төрөсө куда бололу. Эгерде алмашып төрөлсө да бизге ушул улуу ТОО күбө. Достук шертин ким бузса төшү түктү жер урсун. Байлыка койну толгон ушул улуу ТОО урсун экөбү тең уул болсо биздей дос болсун, экөсү тең кыз болсо да дос болсун. Эгер кимибиз бул дүйнөдөн эрте көз жумсак тирүбүз ушул ишти орундатып эки үйбүлөнүн карасын достук антын убудага турбай кыянатык кылса доско дос кылса кыямат, кыянат күнү суралат дешет адамдар ошолор айткандай болсун антыбыз бек болсун ал мезгилди эки дос тең студент окуп иштейбиз дешкен максаттары чоң эле. Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет дегендей. Ошол анташкан күндөн үч ай өтпөй. Тодо сель жүрүп Илияздын чоң атасы алып кетет окуусун таштап айылына барып апасы менен отуруп ата эшигин ачып калат Алишер окууну бүтүп шарда иштеп үй жай күтүп. шарлык болуп каттолору үзүлбөй жүрүшөт Алишердин бактылуу турмушунда Шум ажал бузуп жубайынан айрылып калат. Зубай он жашта Шумкар сегиз жашта ал күндөн баштап дос жорого каттай албай үй иши калган Шайыр ырдаса бир үй адамды кың дедирбеген сүйлөсө сөзгө чечен кең далылуу жигит, күндөн-күнгө түнт болуп кетти. Досу жарларынын бирге иштегендердин үйлөн





деген сөздөрүнө кулак салбай отуз беш жашында эки бала менен калып балалуу тооктой канатына калкалап баканы Зубай менен Шумкары эле эми анташкан антына ай күбө кенен кечирип бардык шарты бар эле. Илияз желкеден койгон узун чачы, капкара кашы бир аз тармалчан чачын сүйлөгөндө бир кашын селпип-селпип койгон адаты бар эле. Зубай Илияз менен сүйлөшкөндөн ай өткөндө атасы келди окууга өтпөй калып ишке жайгашканы жүргөн кезинде Илияз Зубай менен бир кыйла жакындашып калган эле күнүнө Ак-Буура бойунда басышып паркта сейилдешип Зубайга айыл жашоосунан айтып берип таңдандырып Зубай ар дайым иш менен алек болсоңор качан ойноп качан тойлосунар ага да убакыт табабыз дейт Илияз. Илиязды жүр үйгө эми үйрөнгөн жоо урушарга жакшы дегендей айылда колуңан келген ишти кыласын балам. Ата мен шаарда калып иштеймин сыртан окуймун а десе ага бу десе буга жооп табып турду качан гана атасы экө калганда Зубайга жуучу түшпөйсүзбү мен негедир кетким келбей калды. Кесибиң болбосо эмне иш кыласың үйлөнгөнүң жакшы дечи бирок Зубай эмне дейт экен жалгыз кызын Алишер айылга бербейтко балам, атаңды, аяш атаңды көндүрүп мен шаарда каламын атасы кичинесинен бери эле кара жумушка чоркок улуун билип эле турса да бир кыйла мал катты көп өтпөй Илияз менен Зубайдын тойу болду Алишерге тойдо ырдаса элдин эси ооп Рыспай ырдагандай бул ырды Алишерге ыра

көрбөй турушту. Өмүр турмуш дегенин адамды камырдай ийлеп отундай күйдүрүп каалаган күсүн чертирип коет эмеспи. Каласа бактылуу кылып дүйнөнүн жети түстүү бир өңчөй көзгө көрсөтүп коет кезектеги сүйүгө масс бакытка наазду эки жаш беле канаты сынган Ак-кууда жолдошуна ок жаңылса тирү калган Ак-куу жарга боюн уруп мерт болот эмеспи. Адам пенде өлгөндө кошо өлө албайт. Тирүү болуп элде жок өлүк болуп көрдө жок. Он жылдык убактысын өткөрбөдүбү Алишер эми балдары үчүн жашап элге кичине аралашып калган кезде эле. Бир кездеги тунук булактын озундай булганбаган таза эмес бэле турмуштун кара түсүн көргөн эмес эле да эми мынтип агынан карасы, карасынан агы көп тагдырдын жаны барагы ачылып турбайбы Алишерге эми Зубайдын бактуулу күндөрүн көрүп өзү сүйгөн аялдын бут элеси көз алдына тартылып турат. Бүгүн Зубай апасы Зууранньн элесин келтирип, тирилип келип калгандай. Көз өңүндө кино тасмадай тартылып өтүп жаты, эгер Зуура жаш өтүп кетпесе менда суук эки сөз айтып көңүл калды болуп ушул сүйүнүн азабына күйбөй, бар болгону эрди катын деген үйбүлөрдөй жүрө берет белем Зуранын узун бойу чийилген капкара кашы, бир аз тармалданган узун чачы торпоктун кирпигиндей кайрылып турган төгүлгөн кирпиктери сындуу сүйкүмдү элеси кебездей жууп жумшак илеби ак куунун мойундай узун мойну бүтүн баарын бүгүн Зубайдын көрүп, Зуура өлбөптүр Зуура тирүү тура эчен жылдар жок





издеген жолочудай дербиш болуп кете жаздабадымбы издегенин тапкандай. Издегенин тапкандай өз өзүнчө эле ордунан туруп Зубайды кучактап эки көзүнөн аккан жашын сүртө албай ыйлап турду. Жалгыз кызынын узатыш Алишерге өтө оор болду деп ойлошту адамдар. Алишер өмүр бою издеген бир элести тап албадыбы. Зуура өлбөптүр Зуура тирүү Зубайдын кулагына ушуларды шыбырап шыбырап турду. Жаалап карап турган эл Алишер кызына дуба берип жатат деп ойлошту. Алишер өзү жоготкон элести таап алган миң мерте жалынып турган кези эле. Бир кылым издегендей. Зубайды бүгүн биринчи жолу көргөндөй бешенесинен сүйүп салалап акан көз жашын арчый албай турду. Мунун таасирин Алишер менен жаш кезинен бирге жүргөн Марип билди. Зууранын дал өзүндөй Зубайды көргөн адам мезгил артка жылып Зууранын тирү кези көзгө элестемек. Адам пенде канчалык өзүн карамабасын, канчалык сыр катпасын ар кандай сырдын да жарыкка чыкчу кези келет эмеспи. Көзү ачыла элек булактай бүтүн өмүр сактаган сыры бүгүн ачылганы турат. Марип бүгүн көз өнүндө Зуура менен Алишердин үйлөнгөн кезин элестетип алды Марипин сыры эле. Илияз менен Зубай үч жыл сүйлөшүп жүрүп үйлөнүштү. Илияз насос завотто иштеп сыртан окуп, Зубай шолк комбинатта иштеп жүрүштү. Бала жытын искебей канча жылдарды узатышты. Эли журттун ажырашып башка аял ал, баладан качып жатасын дегенине эч көнбөдү Илияз жаңы

үйлөнгөн кезде айылга кетишти андан соң Зубайлардын коргонунда жападан жалгыз калган атасын аяшып чогу жашашты. Ошондон бери чогу жашашат балалуу болуу темасын экөөсү тең башташа алышпайт. Ошентип жүрүп отуз жети жашында төрөдүм анан кырк жашымда төрөдүм кичү улуум төрөгөнүмдө айылда эле уул деп журүшүтү. Келгенден кийин тез эле айылга кетти тоодон жүрөгү кармап каза болду дешти. Он жыл балалуу болбой анан болсок экөөбүз бир бүтүн болуп жашаганбыз эч качан сөзүн сындырган эмесмин. Көрсө тоодон кулап өлүптүр наристе бир айлык эле ынабай бетин ачтырсам жарылган башын таңып койуптур күлүмсүрөгөнсүп жатат. Андан бери ошол сен көргөн күн Мээрим Шумкар баштады мен мектепте эле военный боломун дечүмүн айткандай эле окууга тапшырып өтүп кеттим атам эч каршы болгон жок атам иштеп жүрдү. Зубай иштейт мен окууймун жогорку окуу бүтүп кетеримде мени ишке сунушташты жайды бүтүп кетеримде мени ишке сунушташты мен көнбөдүм кабинетте отуруп эмес жүгүрүп жүрүп иштегим келди, иште жүрүп үйлөндүм, үй алдым аялымда иштечү бактылуу үй бүлөө болуп жашадым. Биз да Зубайлар басып өткөн жолдой болдук. Өзүм военный болгонум үчүнбү же себеби эмнеге иште жолум шыдыр бардык жерде беш. Үй бүлөөдө ар кандай ойлордо жашап калдык өзүм окуп иштеп кеч үйлөнгөнмүн анысы аз келгенсип балалуу болбодум кызмат ордум жакшы. Кик бокстун төрт жолку Орто Азия чемпионумун облоста,





республикада өткөрүлчү ар кандай таймаштарга катышып жүрдүм. Атым угушу менен да болчулар көбөйдү ичкенчилик ичип чегип көрбөгөм спорту биринчи орунга койчумун баарып барып кичинеден достордун көңүлү үчүн сулуулар учун иче башта-дым атымды укандары кыя өтүшпөйт атам айткан акылына көнбөдүм. Менда чоңойдум эски заман эмес азыр. Эр эмгегин жер жебейт дешет элибиз-де дедим да өзүм билип өтүгүм төрүмө илип өзүм каалабаган жашоону жашай баштадым арада ушул чуулгандуу окуя болбогондо балким эч нерсе болбойт беле ага буга телехранитель болуп иштеп күндүз өзүмдүн ишим түнкүсүн үйүм кайтарып. 3-2 этажду үйлөрдүн крышасында күн кечирип калдым. Алардын договору боюнча кокустан жаман, иш болуп кетсе өзүбүз жапты жапты кылып коебуз дешкен министр сөрөйлөр. Бир күнү иштеп жүрсөм тез кел деп адресин айтты. Барсам бир бөлмөдө экен. Мени анын үстүнө киргизбеди, бирок мага сен мени чымын кондурбой карашың керек деген-син, эми мынтип менин артымдан түшүшүп жатышат сен эми күнү-түнү керексин. Мен көнбө-дүм күндүз өз ишимде иштеймин болбосо болбойт десем, сен балакай сырыбызды билесиң. Эгер мен каалсам сендейден бешти тизип коем, керкең-дебей айтканды кылгын. Мен чыгып кеттим. Ошол боюнча барбай койдум. Он күндөй өткөндөн кийин. Телефон чалып атаң менен эжеңди машина басып кетпесин эсиңе кел бала. Кийин кеч болуп калат дешти. Көп өтпөй мени менен кошо иштеген

биреөнү менин машинамдын жанында бычактап кетти. Ал окуя болгон эле иштен кийин бир аз иштейли деп отуруп калганыбыз. Ал көп тамекини чекчү, барбы дегенин машинада бар мен качан көп ичкен де эле чекчүмүн эшике чыгып баратып стулга илип уктап койгон курткасын албай менин курткамды кийип телпегимди кийип машинанын күлүчүн алып эшикти ачарда бычактап кетиптир мен күттүм-күттүм келбегенин сыртка чыксам кимдир бирөө өтүп баратып скорый чакырып койютур жанына келип карасам кан скорый, келип кошо барып операциясын бүткөнчө кошо отуруп аман болгонун көрүп, үйгө жөнөдүм үйгө келсем подьездин озуна краска менен канын агызган сенсин деп коюптур краска катый элек экен издесем табар белем билбеймин. Үйгө кирсем аялым үйдүн званогун бирөөлөр тынбай басышты телефон тынымсыз чырылдады алсам сүйлөбөйт деги тынчылыкпы деп ыйлап кирди, мен ким экендигин дароо түшүндүм эртеси атама айттым. Атам менден да жашырып жүрүптүр көкүрөк чөнтөгүнөн бир каты алып мага сунду тулпар өлсө кулун калат Шумкар өлсө не калат деген баракча экен. Мындай баракча көптөн бери ташталып жатат улуум не кереги бар адамдар менен мен өмүр бою жогорку кызматта иштедим мынчалык өчөшкөн кек, кууган кеги бардай баракча таштап көргөн жок. Ата бала сүйлөшүп Шумкар окуяны тез баштан беш алты жыл мурунку мезгилден баштады. Мен андан жакшы иште спорттон кол үзбөй





жүрүп көп ийгиликке жетишким келген Орто Азия боюнча болуп өткөн кик бокустун чемпиону болуп өрөпкүп тургнмын ар тараптан аркандай сунуштар түшүп чоң-чоң иштерге чакырышты спорту өмүрүмдө нагыз магызы деп түшүнүп бүтүндөй кирип жаңы ыкмаларды үйрөнүп спорт мектебин ачып жаш өспүрүмдөргө эркин күрөш, карате, кик бокс, бокс менен сабак берсем келечекте алимпияда чемпиондорун даярдагым келген. Ойлонгон ишти кыстаган турмуш жеңет болуп чоң-чоң бизнессмендердин чиновниктердин торуна кабылганымды сезген жокмун. Сенден дүйнөнүн чемпиону чыгат деген мактоолорго учтум түрлөп минген машинага көптүм. Көптөгөн акчага сыйлуу конок болуп барган жеримде мактоолордун алдына жем таштап капаска түшүргөн жырткычтай болуп кайсыл күнү колго түшүп кул болгонумду билбей калдым. Биринчиси товар берсе экинчиси саттырып үчүнчүсү акчаны алып кетип дайыма мага өз үлүшүмдү таштап кетип жүрдү. Күн өткөн сайын кылмыш дүйнөсүн сүзүп бараттым. Эртең токтотом ушул партиясында үлүшүн алып-алып токтотом деп мына ушинтип үй машина арам акчага алдандым. Күндөн-күнгө чуңкурга кирип бараткам андан да ылдыйлай бердим караңгылыкта сиңип бараткан адамдай барып барып жарык шоола көрүнбөй бараткан жерге жетеримде түшүнүп чочуп ойгонгон адамдай же сууга чөгүп бараткан жандай кылмыш дүйнөсү тумчуктуруп баратты. Бийиктике чыгып баратып жолдон адаш-

кан адамдай жолумду таппай калдым. Законодо да өз ордум бар органдын адамы элем элибизде айтылгандай эки тоонун чобун энсеген текке ачка калыптыр болуп бир жагына ыктасам экинчи жагынан кысымга алып менден булардын казынасына акча түшүрүп туруучу акчадан баш тартсам ким эле тынч койсун. Мени ушулар куугунтуктап жатат ата мени кечириң адаштым кеч түшүндүм. Кутулуунун жолун издеп калдым атаке мени кечириң сырымды айтып жатамын, мейли жалгызым бууга менда күнөөлүмүн башында эле сени туура эмес иштериңди билгенмин. Бирок ошондо токтотуп ийишим керке эле. Эми эптеп жол табышыбыз керек булардын сени соо кое турган түрү жок уулум эми этият бол бул жерден кетели баш калкалар жер таап кетели. Россияга же дагы бир чоң шаарга кумга сиңген ийнедей жок болуп кетишиң керек уулум булардын колу узун немелер экен ата карыган кезиңизде сиздин кайжерлерде сарсана кыламын анын үстүнө Зубай балдары менен кантебиз балдарыбыз менен чогу кетебиз сен кайда болсон бизда ошол жерде болобуз. Ушул түнү Алишер кошунасына кирип менин үйүмдү алып койгула былтыр жашыраак экенмин силерге сатпай койдум эле эми уулумдун үйүнө барып олтуралы деди, асмандан издегенин жерден табылып дароо баасын сүйлөшүп сатып алды анын келгенине бир жыл эле болгон болчу. Үйүнө жакын турган үйлөрдүн бирин сатып алып жерин чоңойтсом деген ниети чоң эле. Ошол түнү





Шумкар менен сүйлөшүп балам тирүү болсо бары табылат мен үйдү саттым сен да даярдан Шумкар эртен менен Миллана менен сотко барып закысын кыркты Миллана мени түшүн менин артымдан түшкөндөрдүн зыяны сага да тийип калбасын. Бул жөн гана көк кагаздагы иш. Эмне бар эмне жок өзүң билесин эми дагы бир жерге барабыз машинага түшүп госрегистрга келишти үйдү сенин атына өткөрүп коеун. Мен кетсем да сен келип турасың мени менен законный ажырашкансың. Ким сураса кеткен боюнча көрө элекмин дейсиң ал өзүңө тынч болот. Миланна бир ыйлап бир соронуп Шумкарды кучактап көпкө турду. Үйгө келгенде Зубайдын балдарынын документин бүтүрүштү. Бүгүн түндө жолго чыгабыз Зубай азыр шыр жолго чыгып кетиш кыйын болду. Бир буюумду кармап экинчисин кармап өмүр бою жашаган үйүнөн бир сааттын ичинде чыгып кетишти. Зубайдын апасы бүгүн кайрадан өлдү, өмүрүндөгү күтүлбөгөн бурулуш болду эки баласын алмак салмак кучактап ыйлап эле турду. Миллана өзү балдарынын Зубайдын керектүү кийимдерин саздады Зубай Алишер неберелерин алып ошол маалда Жалал-Абадка жөнөп кетти. Шумкар менен Миллана машинага керектүү жүктөрүн жүктөп коюп кеч жолго чыгышты Жалал-Абаттан Алишерди Зубайды балдары менен алышып кетмек болушту адам пенде өзү эңсеп күткөндөй эмес Аллах пешенеге жазгандай жашайт турбайбызбы. Рече эле сый үстүндө, той

үстүндө, той, барган жери майрамга айланган Шумкар үчүн өзү туулуп оскон жери тардык кылып үч уктаса түшүнө кирбеген окуя болуп кетти азыр кетпесе чымын жаны чырт үзүлөт. Өзүн эмес байкуш топурагын калтага салып өлүмүн өзгө элде күтүүгө даяр. Атасына ичи туз куйгандай ачышканын жакшы уул боло албадым мени кечириң ата көз жашын көлдөтүп бир боздоп алып Милланнага көз жашын көргөзбөй өзүнүн чырагын өзү өчүрүп алды, күтүп турган бул белгисиз багытка жол алды жашыл жип машинасын көп кабаттуу үйлөрдүн алдынан жылып кетти Шумкар Миллана көз жашын төгүп баратты эл болсо күнүмдүк тиричилик менен алектенип тынч мамыр жумур уйкуга киришти. Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт деген ушул беле. Эл тынч жашоо өз нугунда өтүп эчким эч нерсени сезген да жок. Баягы Шумкар кайда барса кошо жандап жүргөн достордун бири жок бир пенде эмне болуп атасын дегенге жараган жок. Көкүрөгүн көкүрөгүнө тийгизип башын-башына тийгизип ресторан кофеде бирге сеники туура сен билесин дегендердин бири болсочу Шумкар жолдон көзүн албай көзүмдү чынын да май басып калган экен. Көзүм ачылганы өтө кеч болдуго. Ашына шерик, нанына шерик болгондор Шумкарды кысымга ала баштаган да эле жаа бою качып тааныш эместей бул ишимди бүтүрүп бар сенин колуңдан келет дешип кафе ачкандар дүкөн ачкандар бизнести жаңыдан баштагандар бир мүнөт тынч койбой





коштоп жүрүшпөдү беле Эми иштери жүрүшүп Шумкар бүтүргөн документтер колдорунда Шумкарды кайдан көрдүм кара эшек дегенсип издеп барса табылбай тапса да зарыл ишим бар деп качышат. Ашка барса ушунун кесепети тийбесин деп кашчуу болушту. Адам ушунчалык тез жүз үйрүйбү дос десе эле барын дос кыла берген экенмин да атасынын Зубайга бир үй кылып кой заман дайым бирдей турбайт десе Зубайга уйдун эмне кереги бар эртен эле чоңоюп калышат балдары бизден бөлөк жашагысы келет көрүнгөн тоонун ырагы жок көз ачып жумганча көп нерсе кеч болуп калат балам. Бул сөздөргө анда көңүл да бурган эмес Зубайга үйгө деген акчасын берсе атасы үч төрт баласы менен батирде олтурат досум кыйналды ошого үй алып берген дос пулду тапкан да бересин же колумда Шумкар алып берди деген кагазы да далили да жок ага барса дос өткөн ишти козгобо андан көрө жаныңдын аман калышын ойло пул деп мне кыласын деп мурдун балта кеспейт, досторкон жайнатып күтүп алчу аяшы жок дарбазадан досум жок мен шашылыш элем дарбазасын жапканча шашат ичкериден ким экен деп досу чыгып калып мен азыр келдим бир иш менен өзүң жакшы билесиң мен сага окшоп бош эмесмин болуптур дарбазасын жабып ит келдиби куш келдиби кыл-байт ой менен Жалал-Абатка келип калышты ушул жүрүш менен Жамбылга өтүп кетишти эки күн жол жүргөндө Экатеринбург деген жазуу чоң болуп

күйүп турду ал шаарда он күндөй болуп андан да узак болуп кетишти Перим шаарында ай бою болушту андан да кетишти Нижний Новогород шаарына келип бир кичинекей шаарчасында жашап калышты эрте жазда сары каар жаап бардык жер аппак кезинде кетишкен эле. Алаканын жаап турган карга тосуп көз жашын Милланадан жашырып карды бетине сүйкөп койгон эле андан бери да үч ай өттү Шумкар участковый менен сүйлөшүп ошол айылда калып калышты жыгач үйлөрдө жашашты күнүмдүк тиричилике Шумкар шаарчада таксават этип келет. Милана менен тиктешип олтурудан чарчадым Шумкар менен мурдагы ишимди улантып турциядан товар алып кыргызстанда сата берейин сенин иштерин кандай экенин да биле келемин корконодон жүрөк айрыл-байт барса барсын атасы да макул көрдү Милананын атасы түрк, апасы кыргыз митис өтө сулуу кыз эле. Ошол күндөн баштап Турцияга каттап Кыргыстандан бардык Шумкарга тийешелүү кабарларды, айтып турду ошондон улам али бери Кыргыстанга баруунун кажети жок экенин билип турушту. Ошондон бери канчалаган жылдар өтүп кетти, жыл менен кошо канча өмүрда өтүп кетти. Бирде ыйлап бирде соороп отуруп, угуп отурду Мээрим Шумкар эми Милананын катын айтып берейн. Асылым Шумкар өмүрүмдүн өзөгү тирүүлүгүмдүн чоң белгиси, кудайдан сенин өмүрүңдү узун болушун сураймын, сага катар-катар уулкыздарды берешин сураймын. Тагдыр экөөбүздү





эки жака ажыратып койду. Мени кечир, мен көптөн бери сага айталбай эки үч жылды өткөрүп жибердим сага кыйанатык кылдым. Туркиянын бир байга байланышып алдым. Андан алган акчаларга сенин бардык документеринди бутуруп тазаладым. Андан бери эки үч президентер алмашты, соттор алмашыптыр. депутаттар алмашты. Сага кыянат кылган досуңдун үйү күйүп кетип, анан ичинде эки уулу да күйүп кетиптир. Ал ошондон бери сенин наразы кылганынын, ар кимге айтып үй алып берсе да жашаган үйдүн акысын, эмес алып берген адамдын көңүлүнү алып бир раазы кылып койбопмун, деп арманы аттын башындай болуп, сенин дайынынды аркимден сураштырып жүрөт. Мен тавар таштаган адамдар аркылу мени таап жер чапчып ыйлап кечирим сурады. Мен ага айтым үйү карындашына эмес сага алып берген эле. Мени эмес Шумкарды раазы кылың, ошондо экөөбүздүн көз жашыбыз көлдөп өз элибизден кеткенде, креслосун кучактап отургандардын көөбу пенделик кылып, сени куугунтуктагандар өздөрү менен өздөрү болуп бошобой калышптыр. Эми элге барсаң болот. Мени издеп убара болбо мен Туркиянын гражданкасы болуп ошол түрк менен жашап калгам. Атама Зубайга айт менден ыразы болсун. Оштогу үйдү Зубайдын баласына өткөрүп койдум күбөлүгүн өздөрүнө берип кой. Документи машинада бакчасы жайнаган, жышыл бакча шак бутагы жайылган мен булбул бутагымда сайраган. Өмүрүмдүн көктөм жазы сенсин. Шумкар экөөбүз

эки жээкте калдык. Кош асылым мына ушундай маңызда кат калтырып Миланнада өз жолуна түшүптүр. Мени актап баарын тазалап коюптур. Мээрим Шумкар Зубай бул түнү укташпады. Биз өз өмүр таржылмалыбызды айтып бүттүк эми сенден укпайлыбы. Зубай ачылып чачылып уктап жаткан балдарыны кымтылап коюп, Мээримге карады. Шумкар атасы жаткан бөлмөгө кирип, тез күндө элибизге алып бараарын, менден кечирим сураарын, ата өз ичинде кобурап алды. Шумкар келгенде Мээрим сөзүн баштады, мен эмнеден баштаарымды билбей турамын. Тоолуу райондордон биринде атам апам эки иним бар синдим болуп жашоочубуз мен үйдө эң улусу болуп чоңойгондуктан мени окутушту, Институттун үчүнчү курсунда окуп жүргөн кезимде көчкү жүрүп бир айылдан он, он беш үйдү басып калды. Бир күндө баарынан кол жууп, үй жайсыз ата-энесиз бир-тууганcыз коколой башым калды. Өлүп кала албадым. Жинди болуп кетишиме аз калды. Окууну таштайын деп келбей жүрдүм ага-эжейлер издеп баары өз үйлөрүнө алып келип мени окутушту. Өкмөттөн бир комната общежитие беришти. Бирок мен жоготкон жогумду таба албадым, баары болду. Өлгөндөрдү тирилте албадым. Кангып ээн талаада калгансып, өзүмдү-өзүм таба албай жүрдүм. Көп жылдарды жоготтум. Качан гана эс учурумду жыйнап. Тагдырга башымды ийдим. Бар күчүмдү сүрөттөн чыгарып ошол апаатту көчкүнү ар түрдүү ыкмалар менен




*Атам Исаков Мамат 1930-жыл*


*Агам Алишеров Баргыбай Алишерович*


*Жездем Маматжан, эжем Уркуя, Бактыгүл, сиңдим Шакира жана мен*



Сиңдилерим Өмүркан,
Райкан, Кадича



Москва шаары,
2014-жыл









Уулум Нурмухамед, Атиш, мен жана Максуда




10 жыл бирге окуган класссташтарым
Кл.жетечибиз Каныбек, Тургунбай агайлар менен



Иним Исаков Кимсанбай



Уулум Алиев Бакытбек



2010-жыл, 22-январь

d



тарттым. Ай бою көрбөгөн ата-энемдин инилеримдин сиңдилеримдин элестерин түшүрүп, күнү-түнү колумдан калем түшпөдү. Качан уктап, качан тамак жеп, кантип кийинип жүргөнүмдү билген жокмун. Жашаган үйүм кай акыбалда билбедим, билгим да келбеген. Үйдүн ичи ар жерге төгүлгөн краска тегеретип коюлгаан сүрөттөр тартчуу доска доскадан тынымсыз алмашып сүрөттөрдү ой келди жерге тизипмин жылдар бою Сүйүтбек Дүйшеналиев кыздар менен келип. Менин тарткан сүрөттөрүм көрүп. Областык республикалык көргөзмөгө, конкурска катыштырып белгилүү оорундарга жетип алгам. Ошондон баштап, мени сактап калган сүрөттү түшүндүм. Эжекелер агайлар кыздарды тынымсыз менден кабар алдырып өздөрү кошо келип, комнатамды иретке келтирип, жалгыз калтырышпады. Ал күндөрдө бүтүн дүнүйө кара түскө боелгондой кунарсыз супсак болуп көрүнгөн. «Кара жердин боору суук» дегендей. Арадан жылдар өтүп, өзүмдү-өзүм жемелөөчү болдум. Кимдир бирөөнүн жашоосундай мага эч тиешеси жоктой, баары жогумду сезбей жашоо кечиргеним үчүн. Күзгүнү канча жылдар караганым билбейм. Күзгүнү карап бей тааныш, ушунчалык муздак купкуу скелетти көрдүм. Мендей болуп эч ким жападан жалгыз калган жок эле. Бирөөнүн атасы иниси. Бироонун апасы мал алы. Бирөөнүн бир-тууганы бирден экиден жакындары жоготушту. Мен бардыгымды жоготтум. Менин жашайын деген оюм жок эле, тезирээк эле олуп ошолордун катарына

кошулсам дечүмүн. Мезгил баарыны даарылап, турмушка чыктым. Эл катары жашадык бир уул бир кыздуу болдум. Бактылуу күндөрүбүз көпкө узабады. Башында анча-мынча ичип койчу. Барып-барып артынан кууп ишчу болду. Ичкенде көчөдөн тапкам кайсыл тууганын күйөт сага. Жылда бир келбеген алыс туугандарыма да тили тийип сай сөөктү сыздаткан суук сөздөр менен, менин ошол апайтуу күндөрүмдү миң кайталап. Жашо эрди катын үй-бүлөө деген атыбыз болбосо. Сезим жылуулук куту сагынуу, деген сезимдин ордуна ортобузда чоң жарака пайда болду. Күндөн-күнгө ушунчалык муздак супсак жашоо кечире баштадык. Кай бир белгисиз тарапка балдарымды алып кетким келди. Көз-көрбөсө кулак укус алыска. Мени эч ким таанибаган жерлерди издей бердим. Менде корку деген болбоду бар болгону ушул инсандан алыстап көрбөсөм. Коколой башым калганда да жашагам. Азыр уулум кызым жүрөгүмдүн бир үзүмдөрү бар. Ушулар үчүн да жашайм деген үмүт менен, эч нерсеси жок, колумда коко тыйынсыз ушул шаарга келе бердим. Жегенге наныбыз ичээрге суубуз жок, эмнеден баштасам деген ойдо көрүнгөн жерге иш издеп бара бердим. Бирөө ууру окшойт десе кээ бири үй жумуштарын жасатып тыйын тыпыр эски кийим кечелерин берип эптеп жашай баштадым. Жазда дагы иш издеп жүрсөм үч төрт келин чогулуп сүйлөшүп атыптыр, мен алардан иш издеп жүрөмүн, балдарымды ээрчитип алган элем, алар ичтери





ачышып балдардын колдоруна сумкаларынан нан конфет алып беришти. Ошол келиндер шаардын четинде корей аял пияз эгет, эгер жакшы иштесең акчанды көбөйтүп берет дешти. Ошол күндөн баштап Таня корей аялдын колунда иштеп эки баламды ээрчитип алып үчөөлөп иштедик. Кыштын күндөрүндө да үйүндө пияз сорттоп жүрдүм. Үй кызматчы да болдум. Шаарда анын күйө баласы облустук сотто иштейт экен. Мага башта берген общежитиемди кайтарып алып берди. Көрсө менин күнөм менен общежитияны оформит эткен кезде мен анча мынча жерге кол койбой калгандыктан. Мен турмушка чыгып кеткен кезде, бирөөнү киригизишип акчасын аралашкан адамдар жешиптир. Турмуштун жаңы ачылышы үй-бүлөө деген өздөштүрүп общежития тууралуу такыр унутуп калыпмын. Өмүр бою ошол айылда каламын, шаарга кайтып келбейм дептирмин. Башында баары жакшы болгон үй-бүлөөсү өтө жылуу кабыл алышкан, өтө жакшы адамдар эле. Мезгил өткөн сайын кайната кайненем өттү турмуштан. Дайыма текшерип баш көз болуп турчу көсөмдөрүбүздөн айрылдык. Ошондуктан биз экөөбүз эки жакты карай кеттик. Менин жашоом бир нукка түшүп, балдарым мектепте окуп эл катары жашап калдык. Кыйналган беш алты жыл өтпөй маалкаткан. Калган жылдар мынчалык эмес тез өткөндөй болду. Ушинтип жүрүп өз кесибим менен иштебедим. Балдар мектепти бүүтү. Кызым тогузду балам тогузду. Ошондой күндөрдө институтта бирге окуган курбума жолуктум. Ошол курбумдун жардамы менен Россияга келип калганмын. Шаардын четинен участка алып үй сала баштадык, менин башымдан өткөнү ушулар. Зубай ыйлап алып сен экөөбүз өмүр бою бир тууган

болуп калалы. Ордунан туруп кучактап. Мени дайыма Шумкар атам колдоп келишти. Алтыным сени эч качан жалгыз калтырбайм ээ Шумкар аба эч качан. Биз экөө эмес үчөө балдар төртөө болушту. Бул түн өтө таасирлентти. Сезимдерди козгогон жан дүйнөнү аңтар тентер кылып тасирленти. Бири-бирине тартылып өтө мээримдүү көз караштар менен карап бири-бирин аяп турушту. Оо ушул түн бирини чын ыкластарынан абайлап, кандайдыр бир тасирдүү күч тартып турду. Балким ушул улуу күч, Мээрим сүйүү белем. Эми таң агарып күндүн биринчи нурлары жерге жарык түшүрүп, жашоо тиричилик башталып, эл ишке кимдир бирөөлөр шашып кайбир тараптарга баратышат. Үчөө көпкө чейин терезени карап ойлу туруштуу да салынган орундарга олтуруп бир аз эс алалы, дешип кыйшайышты ошол түндөн кийин тынымсыз карым катнашта болуп ысык суугун бирге басышып, кимдин кандай иши болсо ортодо бүтүрүшүп, акылдашып кылышып турушту. Мээримдин балдары Алишерди чоң ата дешип, туугандуу болушканына аябай сүйүнүштү. Шумкар тез тез кабар алып, кээде машинага салып шаарды кыдыртып, Москва ситиге, Останкинага, ломоносов атындагы университетке, авиацоный университетке алып барып, каласанар окугула, жардам беремин деп балдарга бир дем күч берип жүрдү. Кээде ВДНкага алып барып полобастырып, балдарын чогултуп тугандардай көргөн билгенин божурашып турушчу болушту. Алишер Шумкардын бактулуу жүзүн карап туруп, балким уулум ушул аял менен бактулу болоттур өмүрүн мынчалык өзүн эркин сезип жыргап жүргөнүн көрө элек элем. Азыр өзүнө ишенимдүү эркектей кадам жасап жатат. Өмүрүн сактап калгандай эле жашого кызыгусун артырып. Акылдуу каректерин Шумкарга кадала карап,





ой пикирин айтып Зубайдын балдарына да жакшы мамиле жасайт. Бир аз улуу болгону болбосо кызга бергиз жубан бар деген калетсиз макалдын чындыгы ушундадыр жашын улгайып карыган чагымда ушул келинге үйлөн десемби. Башы экө болуп калса менда тынч өлмөкмүн балким менден тартынып көптөн бери айталбай жүргөндүр Алишер. Көп ойлорду ойлоп отуруп, Шумкар келсе айтайын. жан дүйнөмдө көп жылдар мурда тоңгон муздар эрип жан дүйнөсү жибип көзүнөн эрксизден жаш агып, издегенин тапкандай өз оюну өзү ырастап ынанып кубанычтуу көз жаштарын төгүп отурду. Шумкар эки президент алмашты. Баары бир текшерип көрүп. Атамдын көзүнүн тирүүсүндө алып кетишим керек деген ойду ойлоп. Кимди жөнөтүп билсе дос деген достордон эч ким калбады атасын достору ишеничтүү тааныштары азыр жок эми эмне кылсам тобокелге салып барсамбы. Милананын кеткенине да үч жылдан ашыптыр. Бактылуу бекен балалуу болду бекем мен болбогонго жараша ал балалуу болсо жакшы эле. Оо кудай мээриминди аябачы бир аялдан бактылуу экенин уксам кана. Өмүр бою бизди деген атамды эли журтубузга алып барып кусалык сагыныч ооруусунанан куткарсам экен. Неге Мээримге жолуканга чейин кудай тобо дебедим экен. Быйыл буйруса кыргызстанга барабыз атама Мээрим жөнүндө айтсам кандай карайт болду экен сексенден ашканда же капа болобу же Зубайга айтсамбы. Жок атама бүгүн сүйлөшөм. Шумкар иштен келгенде сөздөрүн камдап айтайын деген атасы да Шумкардын кандайдыр абалын сезди тамактан кийин Зубай балдары менен сыртка чыгып кетти. Ата бала калды Шумкар балам сага көптөн бери бир нерсени айтайын деген элем кандай дейсин. Эмнени эп көрсөн Мээримге үйлөн

жакшы ургачы кантсе да өз бала болуп калды балдар да сени туура түшүнүшөт ата деп калышат. Акыл эстүү не дейсиң кааласаң мени алып бар өзүм сүйлөшүп көрөйүн. Замананы көрүп турасын адамдар мурдагыдай эмес уулум. Экөөсүнүн оюу биржерден чыкканына аябай сүйүнүп ата атаке атоо. Сиз карагыча сезимтал адамсыз. Ээ улуум эркек киши бирөө менен жашаш үчүн жүрөгүн бир жери жыз деш керек болбосо жашоо болбойт. Кур кереги не. А аял киши моюн сунуп жашап кетет кандай дейсин? Мээримда сага кайдигер эмес деген ойдомун. Ата бала көпкө кеңешишип, Мээримге барып балдары менен ачык сүйлөшүшүп маселени айтышты балдары апам чечет эгер каласа биз каршы эмеспиз Шумкар аке дешти. Мээрим көпкө ойлонуп ата балага ата мээрим Алишерди ошол күндөн тарта эле ата деп калган эле. Ата Шумкар менден кичүү үйлөнсө боло берет-деди, ошол сага үйлөнсүн деймин да балам Шумкар ордунан тура калып, Мээрим россиянын врачтарына да көрүндүм болбойт дешти сенин балдарың менин балдарым, ысык суугубуз бирге болсун деймин, Атамдын да менин тилегибиз бир, жок дебе. Мээрим ойлуу балдарын карады бой салган уулу, кызы апа Шумкар акамди ата дейбиз макул деңиз мен турмушка чыгам, иним үйлөнөт. Эмнеге болбойт болот апа апоо арадан айча өтпөй Шумкар менен Мээрим баш кошушту Шумкардын иштерин института бирге окуган Мээримдин аяшы тактап эч кандай кооп жок. Силер айткан адамдар азыр арабызда жок силерге жол ачык деген кабарын берди. Ошол жылдын март айында Кыргызстан Москва самалетунда Алишер сексен эки жашында кыргызстанга келип түштү Зубай эки баласы менен Мээрим эки баласы Шумкар жерге самалет конуп түшүүгө уруксат берилгенде кар күрпүлдөп жаап





жаткан эле, жерге буту тийери менен жерди кучактап өөп өөп Алишер карга колун ачып жүзүнө алаканда эриген карды сүртүп көз жаштарын арчыды Шумкар кээде кэре дем алып асманга карап кудайыма миң мертебе шүгүрлөр болсун, аман эсен эли журтубузга келдик деп кобурап балдарды жетеледи Зубай көз жашын тый албай ыйлап соороп алды, күткөн адамдары жок элдер тан калып ыйлап сыкташып неге кызык ар ким ар кандай күдөк ойдо ар нерсеге жооруп таң калышты, Мээрим көңүлү азып жери таарып эл арасынан алыстагыча шашты. Элден четтеп Шумкар такси алып келип отурарда четке чыгып кусуп аябай кыйналды. Алишер оо кудай көзүмдүн тирүүсүндө Шумкарыма да туяк бере көр эки дүйнө арман сыз өтөм суук тийип калганго дейт Шумкар Зубай ичинен о жараткан өзүң жалга этегинен жалгасын. Таксиге чыгып шаардын четиндеги Мээримдин үйүнө барышты. Аба ылгап жатамын деген ойдо Мээрим көптөн бери келбегендики деп ойлоду. Сакайайын деген жок үй иштерин кызы жасап Зубай тамак ашка жардамдашып жүрдү ал жак булжакты жакшылап билмейин чоогуу туруштуу акыры больницага көрүндү, Зубай бирге барган эле ашказаным деп көрүндү врач күлүп коюп канчанчы балаңыз дейт. Эмне уккан кулагына ишенбей турду. Зубай тактап сурады врачтан эжеке женский доктурга көрүнүңүздөр заматта кийинки эшиктеги женский врачка көрүндү. Эжеке үч айдан өтүп калыптыр дейт врач. Мээрим Россиянын врачтары тактады дебеди беле. Бардыгы Аллахымдын колунда деген эң туура, ичинде ойлоп койду. Зубай дароо Шумкарга чалып тез арада келишини өтүндү. Зубай Мээримди кучактап Шумкарды чакырып койдум өзүңөрчө сүйлөшкүлө. Мээрим сөз сүйлөбөй кучагында баладай

тура берди. Врач эжеке алдырганга кеч экен, болбойт. Эмне дегени менен экөөнүн иши жок сыртка чыгып Шумкарды күтүп. Жолугушту. Эмне эмне дейт врачтар кай жериң экен эмнең оруп атыптыр. Шумкар боюмда бар экен, врач үч айдан өтүптүр дейт эмне десең Шумкар кучактап так көтөрүп айландыра баштады. Зубай үчөө кучакташып Зубай көз жашын сүртүп атама айтайлы эми. Үйлөрүнө шашышты. Алишерге Шумкар ата мен да ата болот экенмин. Лапылдап кар жаап жаткан эле. Оо кудай тилектеримди кабыл кылдың эми өлсөм арман жок. Ак-жолтой берекелүү ырыс кешиктүү бала болсун амиин. Жалгыздын жары кудай деген ушул белем, өз элиме келип уулум да балалууу болоорун угуу, бакыт эмей эмне. Туулган жердин топурагы алтын. Мээрим оо кудайым мени ушундайча сыноолоруңдан өткөрүп сыйлыгына бакыт берерине ишенем ишеничим чоң эле. Мин мертебе шүгүр Аллахыма, дене бойду чыйрыктырган кыштын биринчи күнүдө аппак кар жаап жер бети аппак, кар көчөдө жүргөндөрдүн үстү башыда аппак кар. Мээрим төрөт кананын астанасын аттаары менен мед айым шашып калды мынча неге кеч келдиңиз, тез-тез төрөт залына алып кириңиздер деди врач. Шумкар эшикте жаап турган карда ары бери басып күтүп турду. Жарым саатча өтүп өтпөй Шумкарга, уулдуу болушуңуз менен куттуктайбыз деди. Шумкар үн сөз сүз көздөрүннөн жашы куюлуп ыйлап турду. Мед айым таң калып чоң-чон киши ыйлап атат. Шумкар алаканын карга жайып ушундай каар жаап турганда Мээримге жолуктум эми ушундай карда уулду болдум жаратканга миң мертебе шүгүрлөр болсун алакандарын карга жайып көзүн кар менен жууду мед айым нес болгондой Шумкардын абалына түшүнгөн жок. Эчкимге эч нерсе дебей көпкө чейн төрөт үйндө





айланып мени ушул жерлерде бастырган Аллахыма шүгүрлөр болсун дагы шүгүрлөр болсун. Аллахыма алаканын карга тосуп көзүнө сүртүп коет. Кез-кезде көздөрүнөн аккан жаштарын жашырып жүзүн ак карга жууйт. Турмуш чалкып жаткан деңиз болсо, адам кайык болсо, эки калагы, колунда. Канчалык өзүбүз калаган жакка бурган менен деңиз толкундары бизди калаган жерге алып барат. Турмушубуз колубузда деген менен жараткандын колундагы жашобузга моюн сунгубуз келбейт тура, «бактылууну карасаң муз үстүндө от жагат, бакытсызды карасаң кургак үйдөн суу тамат» деген ушул беле кыш күнүмдү жай кылган жаратканга шүгүрлөр болсун Зубайдын үстүнө Шумкар кирип, Шумкар наристени көрөсүңбү нес немедей дай албай үн сөзсүз ойлордун кучагында. Зубайды карап анан анан. Чын эле мен, эми ата болдумбу Шумкардын бул абалын сөз менен сүрөтөөгө сөз жетпейт эле мен бактылуумун мен бактылуумун.

## МАЗМУНУ

Сезим сыры........................................ 4
Кусалык........................................ 5
Жалгыз өзүң........................................ 5
Асылым........................................ 6
Иляздын ыры........................................ 7
Тирегим ким?........................................ 8
Атам Исаков Маматка........................................ 10
Аял........................................ 10
Сырдашым - ай........................................ 11
Ыр жана мен........................................ 12
Бул дүйнө сыноо........................................ 13
Шүгүрүбүз жоголду........................................ 16
Москвадан кайтканда........................................ 18
Белек........................................ 20
Миссия........................................ 22
Жалган дүйнө........................................ 23
Эне бейит чыгармасындагы ыр
Минуранын арманы........................................ 23
Талант........................................ 24
Таң булбулум........................................ 25
Ош шаарым........................................ 25
Тагдыр ташы........................................ 26
Баратам сапарда........................................ 26
Адашкан жанга........................................ 27
Арманым, асылым апа........................................ 28
А жүрөк картайбаптыр........................................ 29
Эже жолу сиңдиге........................................ 31
Доско таарыныч........................................ 32
Операцияга кирерда........................................ 34
Жаз келди........................................ 35
Улуу сезим........................................ 36
Сагыныч........................................ 37
Алакандай айлым бар........................................ 38
Жүрөктө катылган махабат........................................ 39





Базаргүлдү эскерүү........................................ 45
Эне бейит........................................ 47
Чабдар ат баяны........................................ 61
Алаканда эриген кар........................................ 92

# ЭЛЬМИРА ИСАКОВА

# ЖҮРӨКТӨ КАТЫЛГАН МАХАБАТ

Редактор: **М.Дуванаев**
Техникалык редактор: **А.А.Тойчубаев**
Калыпка салган: **Эргешбай кызы Асель**

Басууга 08.10. 2019-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1/16. Көлөмү 7,5 басма табак.
Нускасы 200. Буюртма № 36

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-238
0778 500 488



**ИСАКОВА ЭЛЬМИРА АЛИШЕРОВНА**

Ош областынын Ноокат районуна караштуу Кара-Таш айылында 1967-жылы 22-январда туулган. 5 баланын энеси, 10 неберенин чоң энеси, таенеси. Алгачкы китеби 2009-жылы «Көңүл ыргагым, жүрөк сырларым» аттуу ырлар жыйнагы чыккан. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү, 2018-жылдан тартып Ош областындагы координатору.